Helvetas Swiss Association for International Cooperation
Skills Training in Rural Areas (STAR) Project
214, Komsomol Street, Balykchy, Kyrgyzstan
Phone **996 / 3944 / 2 72 50, 2 72 51; Fax **996 / 3944 / 2 72 51
e-mail: star@helvetas.kg; www.helvetas.kg

# Айыл Жергесинде Кесиптик Шыктарга Үйрөтүү Проектиси (СТАР)

## Айыл жергесинде айылчарбачылык кесиптик шыктарга үйрөтүү Проект компоненти (А-СТАР)

# 2008 – жылдык отчет

## II фаза: 2006 – 2009



Балыкчы, январь 2009

Максат Абдыкапаров — Проект менеджери
Сироко Мессерли — Техникалык кеңешчи

helvetas Kyrgyzstan

# Биздин өнөктөштөр:

## Каржылоо:

Лихтенштейндин
Өнүктүрүү боюнча
Кызматы

Германиялык католик чиркөөсүнүн өнүгүү кызматы

## Ишке ашыруу:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Кесиптик билим берүү боюнча мамлекеттик агенттиги

Методикалык борборлор, Бишкек жана Нарын

№ 15 Кесиптик окуужайы, Кочкор, Нарын;
№ 26 Кесиптик окуужайы, Чаек, Нарын;
№ 32 Кесиптик окуужайы, Атбашы, Нарын;
№ 40 Кесиптик окуужайы, Баетов, Нарын;
№ 50 Кесиптик окуужайы, Оттук, Нарын;
№ 86 Кесиптик окуужайы, Куланак, Нарын;

№ 2 Кесиптик окуужайы, Каракол, Ысыккөл;
№ 81 Кесиптик окуужайы, Бөкөнбаев, Ысыккөл;
№ 82 Кесиптик окуужайы, Ананьево, Ысыккөл;

№ 19 Кесиптик окуужайы, Алтымыш (Кемин), Чүй;
№ 28 Кесиптик окуужайы, Беловодск, Чүй;
№ 43 Кесиптик окуужайы, Сокулук, Чүй;

№ 6 Кесиптик окуужайы, Көк-Ой, Талас;
№ 41 Кесиптик окуужайы, Боо-Терек, Талас;

кесиптик окутуунун жергиликтүү органы
www.kojo.kg

«КОЖО - Ананьево» Кесиптик окутуунун жергиликтүү органы;
«КОЖО - Беловодск» Кесиптик окутуунун жергиликтүү органы;
«КОЖО - Бөкөнбаев» Кесиптик окутуунун жергиликтүү органы;
«КОЖО - Каракол» Кесиптик окутуунун жергиликтүү органы;
«КОЖО - Кемин» Кесиптик окутуунун жергиликтүү органы;
«КОЖО - Сокулук» Кесиптик окутуунун жергиликтүү органы;
Талас облусунун фермерлеринин бирикмеси

## Кызматташуу:

«Компаньон» финансы тобу:
Филиалдары: Балыкчы, Бишкек, Каракол, Нарын, Талас

# Мазмуну


1. Проекттин өбөлгөсү жана тарыхы ........................................................................................5
2. Кыскача жыйынтыгы.........................................................................................................6
   2.1. А-СТАР проектисинин максаттары ...................................................................................6
   2.2. А-СТАР 2008-жылда ..........................................................................................................8
   2.3. 2008-жылдагы жетишкендиктердин обзору.......................................................................10
3. Иш-аракеттер жана натыйжалар ......................................................................................10
   3.1. Консолидациялоо ...........................................................................................................11
      3.1.1. Окуу планга өзгөртүүлөрдү киргизип, жаңыртуу ........................................................12
      3.1.2. Окуужайдын иш аткаруусу........................................................................................13
      3.1.3. Билим берүүнүн практикага багытталгандыгы ..........................................................15
   3.2. Адаптация жана окутуу процессинин башкарылышы .......................................................18
      3.2.1. Өнөктөштөрдү тандоо................................................................................................18
      3.2.2. Жергиликтүү тренинг фонддору.................................................................................19
      3.2.3. Окууларды уюштуруп, өткөрүү механизми..................................................................21
      3.2.4. Билим берүүнү камсыздоо .........................................................................................25
      3.2.5. Курстун планын иштеп чыгуу.....................................................................................29
   3.3. Лобирлөө (лоббирование) ................................................................................................31
      3.3.1. А-СТАРдын позициясын жана келечек көзкарашын сырткы тараптарга таанытуу.......31
      3.3.2. Жаңы окуу курсунун таанылышы...............................................................................33
4. Тыянактар жана келечек көзкараш ..................................................................................33
5. Библиография ...................................................................................................................37


## Кыскартуулар

| | |
|---|---|
| <h> | «Хельветас» Швейцариялык эл аралык кызматташтык ассоциациясы |
| А-СТАР[*] | Айыл жергесинде айылчарбачылык кесиптик шыктарга үйрөтүү, СТАР проектинин компоненти |
| АКК | Айылдык кеңеш кызматы |
| АКП | Айылчарбалык жана айылдык кесиптик билим берүү проектиси |
| АӨБ | Азия өнүктүрүү банкы |
| БАМБ | Биргелешип айыл муктаждыгын баалоо |
| БАУ | Борбордук Азия университети, Ага Хан фонду тарабынан каржыланган |
| БИ | Базистик изилдөө |
| БилМин | Билим берүү министрлиги |
| БОПИЧ | Биргелешип окуу планын иштеп чыгуу |
| БУУ | Бириккен улуттар уюму |
| Бюджеттик класстар | КРӨ тарабынан каржыланган окуужай класстары |
| ГТЦ | Германиялык техникалык кызматташуу коому (Gesellschaft fuer Technische Zusammenarbeit) |
| ЖИП | Жылдык иш планы |
| ЖК | Жетектөөчү кеңеш |
| ЕС | Европалык союз |
| ЕТФ | Европалык тренинг фонду |

[*] *проекттин англис тилиндеги кыскартылган аталышы, б.а. Agricultural Skills Training in Rural Areas (A-STAR)*

| | |
|---|---|
| КБ | Кызматкерлердин ишин баалоо |
| КББС | Кесиптик билим берүү схемасы |
| КББМА | Кесиптик билим берүү жана окутуу боюнча мамлекеттик агенттиги |
| КББО | Кесиптик билим берүү жана окутуу |
| КББШӨ | Кесиптик билим берүү жана шыктарды өнүктүрүү |
| КН | Күтүлгүчү натыйжа |
| КОБ | Кеңеш берүү-окутуу борбору (азыркы ОКИБ) |
| КОЖ | Кесиптик окуужайы |
| КОЖО | Кесиптик окутуунун жергиликтүү органы |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| КРӨ | Кыргыз Республикасынын Өкмөтү |
| Машыктыруучу | Проект иштери менен шакирттик практиканы колдоо үчүн АКП тарабынан киргизилген жаңы штат |
| Машыктыруучу фермер | Шакирттик практика үчүн студенттерди кабыл алган тажрыйбалуу фермер |
| ММ | Макулдашуу меморандуму |
| ОБСЕ | Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму |
| ОМБ | Облустук методикалык борбор |
| ОМКП | ОЖ менеджерлеринин квалификациясын жогорулатуу програм масы |
| ОК | Окуу куралдары |
| ОКИБ | Окутуу, кеңеш берүү жана инновация борбору (мурунку КОБ) |
| ОСМ | Окутуунун сапатына мониторинг жүргүзүү |
| ӨЭУ | Өкмөттүк эмес уюм |
| ПРБ | Проекттерди реализациялоо бөлүмү |
| РИМБ | Республикалык илимий-методикалык борбор |
| СӨП | Кыргыз Республикасынын Соода жана өнөржай палатасы |
| СТАР** | Айыл жергесинде кесиптик шыктарга үйрөтүү проекти |
| СТМ | Студенттик талаа мектеби |
| ТАК | Тажрыйба алмашуу күндөрү |
| Ти-СТАР*** | Айыл жергесинде туризмди өнүктүрүү боюнча мейманкана жана ресторан бизнесине тиешелүү кесиптик шыктарга үйрөтүү, СТАР проектинин компоненти |
| ТМБ | Тренингге карата муктаждыктарын баалоо |
| ТО(Б) | Тренерлерди окутуу (борбору) |
| ФТМ | Фермердик талаа мектеби |
| ШК | Швейцария конфедерациясы, Швейцариянын расмий аталышы |
| ШС | Шакирттик практика системасы |
| ЫК | Ысыккөл региону |
| ЭСКМ | Эмгек жана социалдык коргоо министрлиги |
| Эксперименталдык класстар | Нарын жана Баткен облустарындагы Проект тарабынан каржыланган класстар |
| CIEA | Айылчарбалык билим берүү боюнча эларалык борбор |
| h & g formation | Швейцариялык мейманкана жана ресторан бизнес секторунда окутууну камсыз кылган кызмат көрсөтүүчү |
| hotelleriesuisse | Швейцариялык мейманканалар ассоциациясы |
| ILO | Эларалык эмгек уюму |

** *проекттин англис тилиндеги кыскартылган аталышы, б.а. Skills Training in Rural Areas (STAR)*
*** *проекттин англис тилиндеги кыскартылган аталышы, б.а. Tourism Skills Training in Rural Areas (T-STAR)*

# 1. Проекттин өбөлгөсү жана тарыхы

Көп тармактуу, тиешелүү билим, шык-жөндөм жана мамилелерге негизделген, теориялык жана практикалык элементтердин айкалышынан турган жана базар экономикасына багытталган прогрессивдүү жана ылайыктуу айылчарбачылык кесиптик билим берүү калкынын көпчүлүгү айыл жергесинде жашаган Кыргызстанда айылдыктардын кирешесин жогорулатууда өзгөчө мааниге ээ. Фермер жана фермер айым кесиби боюнча кесиптик окуужайлардын (КОЖ) бүтүрүүчүлөрүнүн тышкы таасирлерге, б.а. социалдык-экономикалык шарттардын, базардын суроо-талаптарынын жана биоклиматтык факторлордун өзгөрүүлөрүнө активдүү жооп кайтаруу менен аларга туруштук берүүсүнө, ошондой эле өз жашоо шарттарын жакшыртууда жеке чарбачылык жүргүзүү системаларын ылайыкташтырып түзүүдө жана көздөгөн ойлорун жүзөгө ашырууда өз күчтөрү менен мүмкүнчүлүктөрүнө көбүрөөк ишенүүсүнө түрткү берүү максатында, Айылчарбалык жана айылдык кесиптик билим берүү проектиси (АКП) өз ишин 2001-жылдан тартып баштаган.

Проектинин логикалык негиздери жана үйрөнүлгөн сабактары кайсылар болгонун түшүнүү үчүн АКПнын тарыхындагы маанилүү кадамдарга көз жүгүртүү зарыл.

2001-жылы Проект кесиптик профилди өнүктүрүү, жаңы Кесиптик билим берүү схемасын (КББС) жана Биргелешип окуу пландарды иштеп чыгуу (БОПИЧ)[1] ишыкмасы аркылуу жаңы окуу планды иштеп чыгуунун негизинде фермерлер үчүн атайын үч жылдык билим берүү системасын ишке ашырууну жана биргелешип каржылоону баштаган. Инновацияларды ишке киргизүү максатында эки кесиптик окуужайда (КОЖ) төрт эксперименталдык класстар окутула баштаган. Окуу куралдары кыргыз тилинде түзүлүп чыгып, окуужайлардын мугалимдеинин предметтик жана методикалык багыттагы шык-билимдери жогоруратылган. Эки жылдык пилоттук фаза аяктагандан кийин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү келерки жылда окууга кабыл алынган студенттердин группаларын (бюджеттик класстарды) каржылоо милдетин өз мойнуна өткөрүп алат деген божомол менен Проектинин иш-аракеттери проектинин I фазасынын алкагында улантылды.

Акырындык менен башка окуужайларга жайылтуунун негизинде студенттердин проект иштери, шакирттик практика сыяктуу кесиптик схеманын жаңы элементтери окуужайлар тарабынан иштелип чыккан жана жүзөгө ашырыла баштаган. Мугалимдер жана окуужайлардын менеджерлери үчүн тренинг программа кеңири жайылтылып жана кийинки семестрлер үчүн кошумча окуу куралдары жазылып, даярдалган.

2003-жылда АКП Нарын облусундагы бардык жети кесиптик окуужайды толугу менен камтыды жана Республикалык жана Нарын облустук методикалык борборлор менен кызматташып, мандаттык системанын негизинде иш алып барды. АКП баалоо системасын иштеп чыгып, окуужайларды аны колдонуу боюнча окутуп-үйрөткөн, 6-семестр үчүн окуу планын түзгөн жана студенттердин проект иштеринин финансылык туруктуулугун камсыздоо максатында эки кредит агенттиктерин уюштурган.

2004-жылы ГТЦ менен биргелешип каржылоо боюнча келишим Проектинин ишин Баткен облусундагы бир окуужайга да жайылтууга мүмкүндүк берди. Нарындагы эки окуужайдагы жыйынтыктоочу баалоо экзамененен кийин 78 бүтүрүүчү өздөрүнүн чарбасында иштөөгө кайтып барышкан. Ошол эле жылы окуужай мугалимдери, машыктыруучулар жана окуучулар Өсүмдүктөрдү комплекстүү коргоо (ӨКК) ыкмасын колдонуп иштөөнүн натыйжасында окуп-үйрөнүүгө мүмкүндүк бере турган Студенттик талаа мектеби (СТМ) деп аталган фермердик талаа мектептери түзүлдү. Кошумча дагы эки кредит агенттиги ачылып, окутуунун сапатына мониторинг жүргүзүү жана машыктыруу системасы ишке киргизилди. 2004-жылдын күзүнө карата Нарын облусунун бардык кесиптик окуужайларында бюджеттик класстар иштеп баштады.

[1] Тейлор П., 2001. Эффективдүү жолдо Биргелешип окуу планын иштеп чыгуунун 10 кадамы

2005-жылы мурдагыдан башка 180 студент эксперименталдык жана бюджеттик группалардан окуусун аякташты. Проект мугалимдер үчүн тренингди камсыз кылууну улантты, окуу куралдарын жакшыртып, кайра түздү жана окуужайлардын менеджерлери үчүн жаңы тренинг программасын ишке киргизди. Жазында АКПнын I фазасынын жыйынтыгына баа берилди да, күзүндө кийинки (2006-08-жылдык) фазанын иши пландалды.

2006-жылы АКП өзүнүн II фазасын баштады, ал фермер жана фермер айым кесиптик курсу боюнча тренерлерди окутуу, окуу куралдарын (кыргыз жана орус тилдеринде) иштеп чыгуу, окуу программасын жакшыртып түзүү жана Студенттик талаа мектебине (СТМ) колдоо көрсөтүүнү улантуу менен коштолду. Нарында эксперименталдык класстардын акыркы группасы окууну бүтүп чыгып жаткан мезгилде, «ишкер фермер» аттуу жаңы иштелип чыккан окуу курсу жана окуу программасына ылайык Чүй жана Ысыккөл облустарында Проект менен кызматташууга жаңы эле тартылган төрт окуужайда студенттердин алгачкы төрт группасы окутула баштады. Аталган 16 айлык кыска мөөнөттүк курс үчүн Кесиптик окутуунун жергиликтүү органдарын (КОЖО) түзүүнүн натыйжасында инновациялык жана финансылык жактан туруктуу келген окутуунун башкаруу жана биргелешип каржылоо системасы ийгиликтүү жолдо ишке киргизилди.

Профессионалдык микрокредиттик компания менен кызматташуунун натыйжасында, студенттери «Компаньондон» кредит алган окуужайлардын саны көбөйдү.

2007-жылы аталган курс менен ишкер фермер курсунун алгачкы студенттери окуусун бүтүрүштү, ал эми Чүйдөгү башка эки окуужайда КОЖО тренинг фонду ишыкмасы ишке киргизилди. Фермер жана фермер айым курсун 2008-жылдын аягына карата толугу менен өткөрүп берүүгө даярдык катары Нарын облусунун кесиптик окуужайларына колдоо көрсөтүү акырындык менен кыскарды.

Ушул күнгө чейин фермер жана фермер айым курсун 800дөн ашуун студенттер бүтүрүп чыгышты да, башка 600 окуучу азыркы мезгилде окуп жатат. Жаңы ишкер фермер курсуна учурда 200гө жакын студент тартылган, ал эми анын алгачкы 60 студенти 2008-жылы окуусун бүтүрдү. 2001-жылдан бери Проект 160тан ашык мугалимдерди саны 400дөн көбүрөөк болгон методикалык жана техникалык кесиптик курстарга катыштырып, окуудан өткөрдү.

2008-жылдын экинчи жарымында АКП өз аталышын Лихтенштейндин Өнүктүрүү кызматы (ЛӨК) тарабынан көрсөтүлгөн биргелешкен финансылык колдоо программасынын алкагындагы Айыл жергесинде айылчарбачылык кесиптик шыктарга үйрөтүү проекти (А-СТАР) катары өзгөрттү. Анын натыйжасында Проект өз ишин Айыл жергесинде туризмди өнүктүрүү боюнча мейманкана жана ресторан бизнесине тиешелүү кесиптик шыктарга үйрөтүү (Ти-СТАР) аттуу башка компонент аркылуу жайылтууга мүмкүндүк алды.

# 2. Кыскача жыйынтыгы

## 2.1. А-СТАР проектисинин максаттары

Айылчарбалык жана айылдык кесиптик билим берүү проектиси (АКП) Кыргызстандагы фермердик коомчулуктун кесиптик-техникалык шык-билимин жакшыртуучу жана фермерлерди айылдык ишкер болуп чыгууга карата багыттоочу айыл жергесиндеги кесиптик билим берүүнү түзүү максатында 2001-жылы Нарын облусунда иштеп баштаган. Кийинчерээк, ишти акырындык менен жайылтуу процессинин негизинде азыркы учурда Проект Нарын, Баткен, Ысыккөл жана Чүй облустарында үч жылдык «фермер», «фермер айым» жана 16 айлык «ишкер фермер» кесибине окутууну ишке ашырууда 13 өнөктөш окуужайы менен кызматташып, инновациялык Кесипчилик билим берүү схемасын стандартташтырууга жетишүү максатында Республикалык илимий-методикалык борборду (РИМБ) да камтып иштөөдө.

АКПнын I фазасынын максаты айыл чарбасын жана айыл жергесин өнүктүрүүгө көмөктөшүп, айылдык калктын кирешесин жогорулатуу максатында, өз бүтүрүүчүлөрүнө менчик чарбасы

менен жеке бизнесин өз алдынча башкарып кетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылып бергидей билим, шык-жөндөмдөр жана мамилелер багытында окутуп-үйрөтүү шартын түзө ала турган, жергиликтүү шартка ылайыкташкан, натыйжалуу жана финансылык жактан туруктуу айылчарбалык билим берүү системасын негиздөөгө жакындан салымын кошуу болгон. Проект негизги басымды базар мамилелеринин талабына жана практикалык тажрыйбага багытталган жана гендердик баланстагы (аял менен эркектин коомдогу ордунун теңдештигин камсыз кылган) билим берүүгө койгон. Проектинин бул каалоосу ушул бойдон эле, өзгөрүүсүз калганына карабастан, А-СТАР өзүнүн II фазасындагы ишин билим берүү системасынын финансылык жана операциондук туруктуулук аспектилерине жана клиенттердин муктаждыктарын канааттандыра ала тургандай болуп ыңгайланыштырылган (адаптацияланган) окууларды көбүрөөк сунуштоого багыттаган.

Проектинин II фазасынын максаты төмөндөгүдөй:

| |
|---|
| ***Айылдык ишкерлер катары фермерлерди окутууга багытталган туруктуу негизде иштеп жаткан жергиликтүү ээликтеги каржылоо жана билим берүү механизмдерин ишке киргизүүгө көмөктөшүү аркылуу айыл жергесин өнүктүрүүгө салым кошуп, анын натыйжасында фермерлердин социалдык жана экономикалык абалын жакшыртууга колдоо көрсөтүү*** |

Жалпы максат проектинин милдети катары аныкталган төмөнкүдөй сүрөттөлгөн үч түрдүү максаттагы иш-аракеттин тизмеси менен дал келет:

### *1-максат: Консолидация*

*I фазанын жетишкендиктерин бекемдөө максатында, Кесиптик билим берүү системасы аркылуу фермер кесиби боюнча билим берүүнүн негизги компоненттерин жана баалуулуктарын толук түшүнүүгө көмөк көрсөтүлдү.*

Бул максат кызыккан тараптардын системага ээлик кылуу компетенциясын күчтөндүрүүгө жана билим берүүнүн практикалык бөлүктөрү (шакирттик практика, проект иштери, практикалык сабактар) үчүн туруктуу каржылоо механизмдерин түзүүгө өзгөчө көңүл бөлүүнү көздөө менен Нарын жана Баткен облустарындагы сегиз өнөктөш окуужайларына окуу планды иштеп чыгуу процессин өткөрүп берүү процедурасына тиешелүү.

### *2-максат: Адаптация жана окутуунун башкарылышы*

*Жаш жана потенциалдуу фермерлердин айылдык ишкер болуп чыгуусу үчүн окутуп-үйрөтүүнү көздөп, окуунун модулдук программасын жүзөгө ашырууда биргелешип каржылоо механизимдерин ишке киргизүү максатында, жергиликтүү менчикке таандык болгон уюмду түзүү демилгеси көтөрүлүп чыгылды.*

Жаңы курсту туруктуу жолдо каржылоо үчүн жергиликтүү тараптар ээлик кылган кесиптик билим берүүнүн тренинг фондун түзүү менен катар эле, өзүнүн Нарында топтолгон тажрыйбаларынын негизинде, Проектинин II фазасында конкурстук негизде А-СТАР менен кызматташууга тартыла турган окуужайлар менен биргелешип Проект «ишкер фермерлер» үчүн кыска мөөнөттүк жаңы модулдук курсту иштеп чыкты.

### *3-максат: Системаны реформалоо боюнча лоббирлөө*

*Институционалдык жана системалык реформалоону жүргүзүүгө багытталган кызматташтыкка тартылган тараптардын арасында негизги саясат жана операциондук ишке тиешелүү маселелердин ичинен тандалып алынгандарын талкуулап жана ой-пикир алмашууларды жүргүзүүгө түрткү берилди.*

Проект жаңы окуу курсун жана биргелешип каржылоо ишыкмасын официалдуу деңгээлде таанытуу максатында, өкмөттүк тараптан тиешелүү кызыккан өнөктөштөрдү ишке тартуу багытындагы аракеттерин уланткан. Кыргызстандын Кесиптик билим берүү (КББ) секторуна жалпысынан тиешелүү болгон бардык деңгээлдеги маселелерди Проект өзүнүн лоббирлөөсү аркылуу, ошондой эле ийгиликтүү биргелешип аракеттенген күчтөрдү (синергизмди) издөө аркылуу Кыргызстандын КББ секторун реформалоо боюнча иштеген башка донорлор жана проектилер менен иш жүргүзмөкчү.

## 2.2. А-СТАР 2008-жылда

Өзүнүн II фазасынын экинчи жылында АКП Нарын менен Баткендеги окуужайлардагы фермер жана фермер айымдар үчүн азыркы үч жылдык курстун тажрыйбасын консолидациялоого каралган финансы каражаттарынын жана убактысынын көлөмүн азайтты. Ошол эле учурда Ысыккөл жана Чүй облустарындагы Проект менен жаңыдан кызматташа баштаган өнөктөш окуужайлары үчүн жаңы ишкер фермер курсунун окуу планын жана ага тиешелүү болгон биргелешип каржылоо механизмдерин иштеп чыгуу багытына каражаттарын жана убактысын көбөйтүп жумшады. 2008-жылдын акырында Проекттин расмий түрдө аякташы менен Нарын жана Баткен облустарындагы КОЖдорго көрсөтүлгөн колдоо (бир аз сандагы гана иш-аракеттер 2009-жылдын алгачкы айларында улантылуусу аркылуу) токтотулду. Бирок обзорлоо жана пландоосу 2009-жылда гана каралгандыктан улам А-СТАР проектинин II фазасы бир жылга улантылды.

*Нарын облусунун кесиптик окуужайлары үчүн:*

2008-жылы бардык өнөктөш окуужайларда толугу менен мамлекет тарабынан каржыланган бюджеттик класстар окутулду. Ал эми Проекттин колдоосу төмөнкүдөй болду:

- Кесиптик багыттагы жалпы билим берүү предметтерин киргизүү боюнча иштеп жаткан жумушчу топтун ишине жардам берилди;
- Билим берүү министрлиги (БилМин), кесиптик окуужайлар менен Киршелк техникумунун ортосундагы фермер жана фермер айым кесиби боюнча курсту бүтүрүп чыккандардын техникумга кирип, окуусуна жол ачуу мүмкүнчүлүгү жөнүндөгү талкуусуна көмөк көрсөтүлдү;
- Студенттик талаа мектептерин (СТМ) жана студенттик башкарууга негизделген кайра толукталып туруучу фонддорду биргелешип каржылоо жана аларды машыктыруу жүргүзүлдү;
- Шакирттерди практикада окутуп-үйрөтүүдө пайдасы тийиш үчүн чарбалык инвестициялар катары кредит берүү максатында Акталаа жана Атбашы райондорунун фермерлерине кайтарымдуу фонддорун биргелешип каржылоо жана аларды машыктыруу жүргүзүлдү;
- Бардык мугалимдер үчүн (методикалык жана предметтик сабактар боюнча) эки окуу программасына катышууга жол ачылды;
- Шакирттик практика учурунда класстык жана практикалык сабактардын сапатына мониторинг жүргүзүлдү.

*Ысыккөл жана Чүй облустарынын кесиптик окуужайлары үчүн:*

2008-жылы Проект менен кызматташып жаткан төрт өнөктөш окуужайдын 16 айлык «Ишкер фермер» курстарын 60 студенттен турган алгачкы тобу бүтүрүп чыгып, өздөрүнүн чарбаларына кайтышты. 2008-жылы окуп баштаган мурдатан бери иштеп келе жаткан төрт жана кызматташууга жаңы тартылган эки окуужайлардын студенттери баалоо жүргүзүү менен окуунун 1-семестрин аякташты, жайкы мезгилди шакирттик практикада өткөрүштү да, күзүндө 3-семестрин улантышты. Ноябрь айында үчүнчү топтун студенттери окуусун баштагандыктан, азыркы күндө жалпы саны 200 чамасындагы студент окутулуп жатат.

Азыркы учурда өнөктөш КОЖдордун саны төрттөн сегизге чейин өскөндүгүнө байланыштуу, Проект мурдатан бери иштеп келе жаткан жана кызматташууга жаңы тартылган өнөктөш окуужайларына ар бир региондун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окуу планына өзгөртүүлөрдү киргизүүдө, ошондой эле модулдук жана баалоо системаларын андан ары өнүктүрүүдө колдоо көрсөттү. Мөөнөтү жарым жылдык окуу курсунун эки программасы мугалимдерге методикалык жана техникалык сабактар боюнча өз квалификацияларын жогорулатуусуна мүмкүндүк түзүп берди. Аталган программалар класстык сабактарга жүргүзүлгөн регулярдуу мониторингдин жана студентттер менен мугалимдердин ой-пикирин суроонун жыйынтыктарына негизделип түзүлдү.

Учурда Проект өлкөнүн бүткүл түндүк регионунун кесиптик окуужайларын камтып иштөөдө. Алыскы Талас облусундагы кызматташууга жаңы тартылган эки окуужайга Кесиптик окутуунун жергиликтүү органы деп аталган жаңы модель аркылуу колдоо көрсөтүлүүдө, себеби анын функциялары мурунтан бери иштеп жакткан Талас облусунун фермерлер бирикмесинин ишине ийгиликтүү түрдө киргизилди.

КОЖОнун уюмдук өнүгүүсүн арттыруу жана фандрайзинг (каржылоо булактарын табуу) иштерин күчтөндүрүү максатында А-СТАР КОЖОнун аткаруучу директорлорун активдүү түрдө окутууну жана машыктырууну улантты. Биргелешкен жергиликтүү каржылоо боюнча алардын жетишкен ийгиликтеринин негизинде жана Проект менен кызматташып келе жаткан жылдарынын санына жараша, А-СТАР КОЖОнун каражаттарын тиешелүү түрдө көбөйттү.

«Компаньон» финансы тобу (микрокредиттик компания) студенттердин проект иштери үчүн кредит берүүдө өзүнүн ишенимдүү партнер экендигин тастыктоону улантты. «Компаньон» студенттерге билим алууда взнос катары төлөө үчүн кызыктыраарлык кредит мүмкүнчүлүгүн дагы сунуштады. Кредиттердин эки түрү тең арзан проценттик ставкада жана күрөөсүз берилет. Андан сырткары «Компаньон» КОЖдорго кредиттик пакетти натыйжалуу жолдо колдонуу багытында кеңешин айтып, жардам көрсөтөт. «Компаньон» менен Нарын жана Ысыккөл облустарынын окуужайларынын өткөн эки жыл аралыгындагы кызматташтыгынын үзүрлүү жыйынтыктарына негиздеп, кызматташтыкты Чүй жана Талас облустарындагы бардык жаңы өнөктөш окуужайларга да таркатуу мүмкүн болду.

*Проектинин лоббирлөө жана тармактык байланыш түзүү багытындагы иштери*

Кесиптик билим берүү жана окутуу боюнча мамлекеттик агенттигинин (КББМА) өкүлдөрүнө Проекттин ишинин жүрүшү жана анын жетишкендиктерин мамлекеттик КББ системасына киргизип, интеграциялоого багытталган инновациялары тууралу жаңы маалыматтарды таркатып туруу максатында, аларды А-СТАР өз семинарларына чакырууну жана презентацияларын тартуулоону улантты. 2008-жылы КББМА менен ишкер фермер окуу курсунун операциондук чыгымдарынын кандайдыр бир бөлүгүн Өкмөт тарабынан биргелешип каржылануу потенциалы боюнча активдүү жолдогу макулдашуулар жүргүзүлдү (үстүбүздөгү жылда да улантылып жатат).

2008-жылы АКПнын модераторлугунун астында өткөрүлгөн «Кесиптик билим берүү жана шыктарды өнүктүрүү (КББШӨ)» тегерек стол чогулушу кызмат берүүчү уюмдардын азыркы күндөгү КББ системасынын иши менен канааттануусун аныктоо үчүн республикалык деңгээлде жүргүзүлгөн кеңири масштабдуу изилдөөнү жыйынтыктады. Андан кийинки регулядруу негизде өткөрүлгөн донорлук тегерек стол чогулуштары бардык катышуучу донордук уюмдардын тажрыйба алмашуусуна жана үйрөнүлгөн сабактар боюнча ой бөлүшүүсүнө мүмкүнчүлүк түздү.

Азия өнүктүрүү банкы (АӨБ) менен тармактык байланыш түзүү багытындагы мурунку тажрыйбасынын негизинде, «Хельветас» АӨБдүн КББШӨ багытын реформалоо проекти боюнча жарыялаган тендерине катышты да, үч потенциалдык иш аткаруучу атаандаш уюмдун бири катары кыска тизмеге киргизилди. А-СТАР Кочкор кесиптик окуужайы менен Европалык тренинг фондунун (ЕТФ) ортосундагы кызматташтыктын аякталышына жардам берди, натыйжада ал өнүгүп-өсүп, фермерлер үчүн жаңы кыска мөөнөттүк курстарды киргизүүгө алып келди.

## 2.3. 2008-жылдагы жетишкендиктердин обзору

*Отчеттук мезгилдин эң маанилүү жетишкендиктери төмөнкүлөр болду:*

- *Талас облусунда жайгашкан КОЖ үчүн 1-семестрдин окуу планы биргелешкен семинарлардын натыйжасында иштелип чыгылды;*
- *Үчүнчү семестр үчүн жалпы саны 24кө жеткен модулдар иштелип чыгарылды;*
- *26 тренер келишимдик негизде жумушка тартылып, 83 окуу өткөрүлдү жана 706 мугалим тренинг программасы боюнча окууларга катышты;*
- *Нарын облусундагы эки СТМде беш тренер студенттер үчүн 44 окуу уюштурду жана 50 студент окуусун ийгиликтүү аяктап, сертификаттарды алышты;*
- *Былтыркы жылы төрт КОЖдо түзүлгөн коомдук бирикменин ичинен СТМди жүзөгө ашыруу максатында иш алып барган студенттер менен мугалимдердин эки коомдук бирикмеси ийгиликтүү жолдо иш жүргүзүп жатат;*
- *«Мисереордун» колдоосу менен тузулгөн Нарын облусунун эки окуужайындагы эки кайтарымдуу фонду үзүрлүү иштеп, шакирттик практикага тартылган фермерлерге (ар бири ~375 000 сомдук) кредит берүүнү уюштурууда;*
- *150 машыктыруучу фермердин шакирттик практикага үйрөнчүктөрдү кабыл алууга даярдыгы улантылды;*
- *Талас облусунда жайгашкан эки өнөктөш КОЖ Проект менен кызматташууга тартылды;*
- *Беш өкмөттүк эмес уюм (ӨЭУ) тендерге катышып, Таласта иштеген бир жергиликтүү ӨЭУ кесиптик окутуунун жергиликтүү органынын (КОЖО) функцияларын аткаруу үчүн тандалып алынды;*
- *395 адам алты КОЖОнун жылдык чогулуштарына катышты;*
- *Проект алты КОЖОго жалпы көлөмү 2 090 832 сомду түзгөн финансылык колдоо көрсөттү;*
- *109 студент жаңы уюшулган ишкер фермер курсунан окуй баштады;*
- *Тогуз КОЖ тарабынан сунушталган 32 инвестициялык проект тандалып алынды жана ага жалпы суммасы 1 733 000 сомду түзгөн каражат бөлүнүп берилди;*
- *Өнөктөш окуужайлар өз алдынча сегиз жолу студенттердин шык-билимин даңазалоо күнүн 412ге жакын адамдын катышуусунда өткөрүштү;*
- *Негизги донорлор менен КББ реформасынын алкагында иштеген проектилердин өкүлдөрүнүн катышуусунда донорлордун беш тегерек стол талкуулары өткөрүлдү;*
- *«Ишкер фермер» окуу курсун биргелешип каржылоо боюнча 2008-жылы жергиликтүү фонддун булактары аркылуу алты райондо табылган каражаты 769 440 сомду түздү.*

# 3. Иш-аракеттер жана натыйжалар

<u>Башкы максат</u>

*Айылдык ишкерлер катары фермерлерди окутууга багытталган туруктуу негизде иштеп жаткан жергиликтүү ээликтеги каржылоо жана билим берүү механизмдерин ишке киргизүүгө көмөктөшүү аркылуу айыл жергесин өнүктүрүүгө салым кошуп, анын натыйжасында фермерлердин социалдык жана экономикалык абалын жакшыртууга колдоо көрсөтүү.*

<u>Тийгизген таасири</u>

Проект билим берүү багытында кызмат көрсөтүүчүлөрдүн финансылык жана операциондук жактан көз карандысыздыкка жетүүсүн жана билим берүүнүн сапатын тиешелүү деңгээлде сактап туруусун камсыздоого мүмкүнчүлүк берүүчү кесиптик окутуунун жергиликтүү органдарын (б.а. КОЖОлорду) түзүүгө салым кошуп, алардын ишин рекламалоого колдоо көрсөтөт. Учурда сунушталып жаткан үч жылдык курстун окутуу схемасынын жана окуу пландарынын негизинде Ысыккөл, Чүй жана Талас облустарынын жергиликтүү шарттарына ылайыкташтырылган кыскартылган жана жарым-жартылай модулдаштырылган жаңы билим берүү системасын иштеп чыгуу аркылуу максатка жетүү көздөлүүдө.

Студенттердин келечекте ийгиликтүү иштеген фермер же жеке ишкер болуп чыгуусуна жана ошонун натыйжасында чарбачылык жүргүзүү тажрыйбасын жакшыртууга жана кирешесин арттырууга жетишүүсүн камсыздоосу үчүн окутуп, билим берүүсүндө Проект өз өнөктөш окуужайларына колдоо көрсөтөт. Канткен менен, бул максатка билим берүүгө сарпталган операциондук чыгымдардын туруктуу негизде каржылануусу камсыздалган күндө гана жетүү мүмкүн. Ошондуктан проекттин фазасы аяктаган соң өнөктөш окуужайларынын жетишилген натыйжалар жана инновациялар боюнча жоопкерчиликти толугу менен өз мойнуна алуусуна даярдоо максатында Проект ээлик кылуу компетенциясын жана жергиликтүү башкарууну камсыздоого көңүл бурууну улантып жатат. 2008-жыл Проект үчүн («Мисереордун» финансылык колдоо программасынын алкагындагы кай бир гана бүтө элек иштерди кошпогондо) өзүнүн Нарын регионундагы иш-аракеттерин жыйынтыктоонун жылы болду.

Проект өз иш аткарууда төмөндөгүдөй үч багыттагы иш-аракеттерди көздөйт:

a) Фермердик кесип боюнча үч жылдык билим берүүнүн Нарын облусундагы өнөктөш окуужайларында жетишилген натыйжаларын системага бириктирип к**онсолидациялоо** жана башталган иш-чараларды жыйынтыктоо.

b) Окуу курстарын окуучулардын муктаждыктарына шайкеш келтирип тууралоо максатында курсту **адаптациялоо** жана окууну өткөрүү үчүн финансылык туруктуулук жагынан потенциалдык мүмкүнчүлүгү бар, ээлик кылуу жана каржылоо механизмдерине ээ болгон жергиликтүү деңгээлдеги **тренингди башкаруу** системасын түзүү.

c) Институционалдык реформаны жүргүзүү боюнча **лоббирлөө**.

## 3.1. Консолидациялоо

*1-максатка тиешелүү: **I фазанын жетишкендиктерин бекемдөө максатында фермердик кесип боюнча билим берүүнүн негизги компоненттерин жана баалуулуктарын Кесиптик билим берүү системасына киргизип, бириктирүүгө көмөк көрсөтүлдү***

Индикаторлор

| | |
|---|---|
| Билим берүүнү камсыз кылуу: | Нарын жана Баткен облусундагы сегиз өнөктөш кесиптик окуужай АКП тарабынан иштелип чыгарылган системага ылайык фермер жана фермер айым кесиби боюнча билим берүү ишин улантты.<br><br>2008-жылда демилге көтөрүлгөндөй, бул жылы Проект түздөн-түз окуужайлары менен эмес, методикалык борборлор аркылуу көбүрөөк иштерди аткарды. Проект суроо-талапка жараша иштөө принцибин колдонуп, негизинен керек болгон техникалык колдоо көрсөтүүнү улантты. Кесиптик окуужайлар менен кызматташуудагы негизги иш-аракеттердин бири үч жылдык курстун окуу планын жана студенттердин талаа мектептерин толугу менен өткөрүп берүү болуп калды. |

### 3.1.1. Окуу планга өзгөртүүлөрдү киргизип, жаңыртуу

*ЖИПтин 1.1-күтүлүүчү натыйжасына (КН) тиешелүү:* ***Үч жылдык курстун окуу планына өзгөртүүлөрдү киргизип, жаңыртуу ишке ашырылды.***

| Индикаторлор | Натыйжалар |
|---|---|
| Окуу пландын (проект иштери, шакирттик практика, практикалык сабактар) практикалык ориентациясы сакталып калды: | Окуужайларды каржылоонун жетишсиздигинен жана штаттык кызматкерлердин алмашуусунан улам, программаны толугу менен аткарууга КОЖдордун бардыгы эле жетишүүсү мүмкүн болгон жок. |
| Кесиптик багыттагы жалпы билим берүү предметтерин киргизүү боюнча Макулдашуу меморандумуна (ММ) кол коюлду: | БилМин тарабынан ММ бекитилгендигине карабастан, ишти аткарууда координациялоонун начардыгынан жана мамлекеттик стандарттардын ийкемсиздигинен улам жумушчу топ көздөлгөн максаттарга жете албады. |
| Фермер жана фермер айым курсунун бүтүрүүчүлөрүнүн окууга кирүүсүнө мүмкүндүк берүү боюнча Киршелк техникуму менен Макулдашуу меморандумуна (ММ) кол коюлду: | Жумушчу топ үчүн мыкты жолдо координациялоо жана машыктыруу камсыздалбагандыгына байланыштуу бул маселе келерки жылы да улантылмакчы. Аталган багыттагы иш БилМиндин жалпы билим берүү иши менен тыгыз байланышта. |
| Мугалимдер жаңы иштелип чыгарылган окуу план боюнча окуудан өтүштү: | Ооба, окуу планы иштелип чыгарылды жана мугалимдерге тааныштырылды. |

Процесс:

2008-жылы мониторинг жана көзөмөл жүргүзүү функциясы Нарындагы Облустук методикалык борборго (ОМБ) өткөрүлүп берилген. Алардын отчеттору Нарын облусундагы бардык КОЖдор баштапкы түзүлгөн окуу программасына ылайык, б.а. практикалык сабактарды, шакирттик практиканы жана проект иштерин өткөрүү менен окутуу процессин алып барып жаткандыгын көрсөтөт. Финансы каржаттарынын жетишсиздигине байланыштуу мамлекет алигиче талап кылынган чыгымдарын жаап бере албай жатат да, КОЖдордун өздөрү каражат таап, иштөөсүн суранууда. Окутуу системасынын ырааттуулугуна терс таасирин тийгизе турган башка проблема - окуужайлардын кызматкерлеринин орун алмашуусу. Мамлекет тарабынан чектелген гана сандагы темаларга ылайык жөнгө салынгандыктан, кызматкерлерди окутуу жана алардын квалификациясын жогорулатуу сейрек аткарылат. Окуу планынын практикага багытталгандыгы жыл өткөн сайын отчетто белгиленген гана формалдуулукка айланып бара жатат, б.а. «окуужайлар менен мугалимдер практикалык сабактар өткөрүлүп жаткансыган түрдү көрсөтүшөт, иш жүзүндө сабактар класстык бөлмөдө отуруу жана лекциялык формада гана өткөрүлөт». Азыркы убакка чейин мамлекет да, КОЖдордун өздөрү да окуужайлар үчүн товарлар менен жабдыктарды сатып алуу багытында инвестициялык салым кошо элек. Өлкөдөгү көптөгөн окуужайлар сыяктуу эле Нарын облусундагы КОЖдор да күтүлүп жаткан АӨБ проектисине кирип калуудан, натыйжада өздүк инфраструктурасын жакшыртып алуудан үмүттөнүп турушат.

2007-жылдан тартып Проект Нарын облусунун окуужайлары менен Облустук методикалык борбор (ОМБ) аркылуу байланыш түзүп, кызматташуу принцибине өттү. Ал проекттин жетишкендиктерин жана каражаттарын КББМА, методикалык борборлор жана кесиптик окуужайлар сыяктуу мамлекеттик партнерлорго өткөрүп берүү жөнүндөгү Проекттин келечек көзкарашына ылайык келет. Ага кошумча, мындай принцип өнөктөш уюмдардын результаттарга жетишүү багытындагы жоопкерчиликтерин арттырууга көмөк түзмөкчү. Проект методикалык борборго КОЖ деңгээлинде визиттерди жана жолугушууларды өткөрүүдө колдоо көрсөттү да, БилМин менен жолугушууларга катышуусуна көмөк түздү.

Тилекке каршы, мамлекеттик жоболордун ийкемсиздигинен жана төмөнкү деңгээлде чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугунан улам, ошондой эле методикалык борборлор тарабынан координациялоо аракеттеринин начар болушуна байланыштуу, көздөлгөн максаттардын жыйындысын жүзөгө ашыруу мүмкүн болгон жок. Ошондуктан 2009-жылы Проект өнөктөш КОЖдор менен бирге окуу планын бекитип берүүнү өтүнүп, БилМинге кайрылып көрүү үчүн акыркы жолу аракет жасап көрөт.

Киршелк техникуму менен биргеликте окуу пландар жана жалпыга таандык пландар боюнча макулдашып алганына карабастан, жумушчу топ иш аткаруу планына ылайык иштей алган жок. Тилекке каршы, башка облустардагы жумуштун көлөмүнүн көптүгүнө байланыштуу, Проект жетишээрлик колдоону жана ишти координациялоо боюнча салымды камсыздап бере албады. Киршелк техникуму БилМиндин алкагында башкарылып, иш алып бара тургандыктан, сунушталган окуу программасы кесиптик багыттагы жалпы билим берүү предметтерин бекитүүгө жооптуу болгон департаментке жөнөтүлгөн. кесиптик багыттагы жалпы билим берүү предметтерин киргизүү сыяктуу эле Киршелк техникуму үчүн окуу программасын бекиттирип алуу ийгиликке жеткен жок. Ошого карабастан, Проект дагы бир жолу БилМин менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө жана официалдуу түрдө техникумду таануу процессине абдан мыкты колдоо көрсөтүүгө аракет жасамакчы.

Жаңы окуу пландары менен тааныштыруу жана ишке киргизүү чаралары 2007-жылда эле башталган. Анткен менен, макулдашуу мүмкүн болбой калгандыгына байланыштуу окуу пландары алигиче колдонулбай жатат. Процесс алга жылаар замат, Проект жумушчу топтордун (методикалык борборлорду камтыган) мүчөлөрү менен бирге КОЖдордун мугалимдери менен мастерлери үчүн окуу пландарын ишке киргизүү жана өзгөртүп түзүү процессин баштайт.

### 3.1.2. Окуужайдын иш аткаруусу

*ЖИПтин 1.2-күтүлүүчү натыйжасына тиешелүү:* ***Көпчүлүк мугалимдердин иш аткаруусу тематикалык жактан да, методикалык жактан да канааттандыраарлык жана КОЖ администрациялары окуужайлардын ишин профессионалдык деңгээлде уюштуруп, башкарып жатат.***

| <u>Индикаторлор</u> | <u>Натыйжалар</u> |
|---|---|
| Минимум 36 окутуунун сапатына мониторинг жүргүзүү (ОСМ) күндөрү: | Эки мониторинг командасы 42 мониторинг күн ичинде үч мониторинг визиттерин өткөрдү. |
| ӨЭУ командасынын сунуштары: | Жакшыртууга багытталган сунуштар берилди, мониторинг командасынын жазуу түрүндөгү отчеттору колдо бар. |
| Жылдын аягында үч фонд төлөөгө жөндөмдүү жана иш планына, бюджетке жараша иш алып барууда: | Келишимдер түзүлүп, кол коюлду; АКП тарабынан алты гранттык төлөөлөр СТМ счетуна которулуп берилди.<br>Кышкы жана жайкы окуулардын негизинде СТМдер өз бюджеттери менен иш пландарын түзүп алуу жөндөмүнө ээ болушту. |
| Катышуучулар окуунун сапатына ыраазычылык билдиришти: | Малчарбачылыгы боюнча бир мониторинг жана картошка өндүрүшү боюнча бир мониторинг жүргүзүлдү. |
| Минимум үч тренер сертификат алды, ал эми тогуз тренер жаңы үйрөнгөн шыктарын СТМде ийгиликтүү түрдө колдонуп жатат: | Бул иш ОКИБдин Ысыккөл регионундагы иш пландары менен тыгыз байланышта болгон, бирок жеке ишиндеги себептерден улам ОКИБ Тренерлерди окутууну (ТО) уюштурган жок. Аталган иш 2009-жылы аткарылмакчы. |

Процесс

Окутуунун сапатына мониторинг жүргүзүү Проектке да, КОЖдорго да окуужай мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу багытындагы суроо-талаптары менен күтүүлөрүн аныктоодо жана аларды машыктырууда жардам берет. Мониторингдин жыйынтыктары тренинг программаларынын үлгүсүн аныктоо жана тренерлер менен бирге мугалимдердин күтүүлөрүн талдап чыгып, жооп кайтаруу үчүн пайдаланылат. Мониторингдин жыйынтыктары боюнча бардык өнөктөштөр менен ой бөлүшүү жүргүзүлөт. Бардык мугалимдер тренинг программасына катышуу үчүн чакырылат. Проект менен Нарында мурдатан бери кызматташып жүргөн эки мониторинг командасын окуужайларга тогуз мониторинг визитин аткаруу үчүн келишимдик негизде жумушка тартты. Анын жыйынтыктары ар кайсы окуужай үчүн ар кандай абалды көрсөттү, аны алардын өздүк контексттери, жетекчилиги жана колдо бар каражаттары менен байланыштырып түшүндүрүү мүмкүн. Окутуудагы кыйынчылыктардан тышкары, окуужайлар билим берүүнү уюштурууга, б.а. расписание түзүүгө, адам ресурстарына жана пландоого байланышкан проблемаларга дуушар болушууда.

Проекттин жергиликтүү өнөктөштөргө көрсөткөн колдоосу менен машыктыруусунун аркасында, өткөн жылдардагы студенттик талаа мектептерин ишке ашыруу боюнча топтолгон позитивдүү тажрыйбанын негизинде 2008-жылы үч СТМ (Атбашы, Оттук жана Кочкор) мамлекеттик мекемелерден каттоодон өтүп, юридикалык тарап катары иштеген коомдук бирикме статусуна ээ расмий уюм болуп калды. Каттоодон өтүү жана расмий уюмга айлануу финансылык туруктуулукка карата ташталган бир кадам болуп саналат. Проект өнөктөш окуужайлар үчүн үлүштүк грант схемасын ишке киргизген, ал эми өнөктөштөрдөн фонддор үчүн өзүнө тиешелүү каражат бөлүгүн камсыздап берүү суралган. Тилекке каршы, эки гана СТМ (Атбашы жана Оттук) өзүнүн мүчөлөрү кошкон материалдык салымдардын жана былтыркы жылдын түшүмүнүн эсебинен каражат топтоого жетишти жана азыркы учурда да мындай ишти улантып жатышат. Үмүттөндүрөөрлүк кадам шилтегендигине карабастан, Кочкор СТМи ишти баштоо үчүн жетишээрлик каражат топтой алган жок. Калган СТМ топтору Проект тарабынан тематикалык колдоо жана атап айтканда финансылык башкаруу, компьютерде иштөө, агрономия жана башка тренингдерди уюштуруу боюнча жардам алышты. Проект тарабынан көрсөтүлгөн колдоонун бардыгы Проекттин регулярдуу негиздеги тренинг программасынын алкагында камтылды. Өздөрүнүн бизнес жана стратегиялык пландарынын, ошондой эле натуралай түрүндөгү өздүк салымдарынын негизинде коомдук бирикмелерге чакан көлөмдөгү тиешелүү үлүштүк гранттык каражаттар камсыздалып берилди. Грант алууга кайрылууларды карап жана бекитип чыккандан кийин, Проект жалпы суммасы 358 000 сомду түзгөн алты грантты которуп берди.

Окууларды жана мониторингди уюштурууга жооптуу болгон Проект кызматкерлери СТМ топтору менен жыл бою байланышын үзгөн жок. Эки мониторинг визитинин натыйжасы тренингдердин катышуучулары уюштурулган окуулардын сапаты пландардын аткарылуусу боюнча канааттангандыгын көрсөттү. Бардыгы болуп, СТМдер 50 студенттин катышуусу менен 44 окуу сессияларын өткөрдү. СТМ топтору жакшы түшүм жыйып жана өздүк фонддорун көбөйтүп, натыйжада келечекте Проекттин каржылоосун албастан эле СТМдин ишин аткарууга жетишээрлик көлөмдөгү каражат топтоп алууга жетишти. Ошого карабастан, учурда СТМ топтору кошумча каражаттарды көбөйтүү аракеттерин жасап жатышат.

ОКИБ менен тыгыз кызматташтыкта Ысыккөл жана Чүй региондорунда да СТМ концепциясын ишке ашыруу пландалган болчу. Бирок ОКИБдин өз ишин уюштуруусуна байланышкан ички себептеринен улам аталган ишти аткаруу 2009-жылга калтырылды.

### 3.1.3. Билим берүүнүн практикага багытталгандыгы

*ЖИПтин 1.3-күтүлүүчү натыйжасына тиешелүү:* ***Практикалык сабактар, проект иштери, шакирттик практика минималдык талаптардын деңгээлинде жүргүзүлүп жатат.***

| Индикаторлор | Натыйжалар |
|---|---|
| Кызматкерлердин ишин баалоонун (КБ) максаттары жетишилди: | Жумуштун көлөмүнүн артыкча көптүгүнөн жана кызматкерлердин өз жумуш убактысын начар уюштуруусунан улам жарым-жартылай гана аткарылды.<br>Эс алуу жана окууга катышуу үчүн убакытты бөлүштүрүү максатында Проект максималдуу жумуш күчүн талап кылган мезгил системасын иштеп чыгат. |
| Облустук методикалык борбор (ОМБ) Нарын облусундагы шакирттик практика системасына (ШС) мониторинг жүргүзүүдө жетекчиликти колго алды: | ОМБ менен Нарын облусундагы шакирттик практика системасына мониторинг жүргүзүү боюнча мандат түзүлдү жана келишим колдо бар.<br>Алты КОЖдо эки жолку мониторинг визиттери өткөрүлдү.<br>Сунуштарды камтыган жазуу түрүндөгү эки отчет колдо бар. |
| Кредиттердин процентик үстөгүн кайратып бербей калгандар жок, шарт боюнча фермерлердин минимум 80%и өз убагында төлөп берүүдө: | Проект эки жалпы чогулушка жана Жетектөөчү кеңештин (ЖК) алты чогулушуна катышты.<br>Алгачкы жолку кредиттерин фермерлердин 100%и толугу менен кайтарып төлөп беришти жана фонд каражаттары көбөйдү. |
| Жетектөөчү кеңеш (ЖК) кайтарымдуу фонддордун мүчөлөрүнүн жана кызматкерлеринин өз милдеттерин аткаруу компетенциясын жакшыртты: | Тренингге карата муктаждыктар аныкталды, фермерлер менен ЖКнын мүчөлөрү үчүн малчарбачылыгы боюнча эки тренинг жана агрономия боюнча эки тренинг өткөрүлдү. Жалпы саны 60 түзгөн фермерлер окууга катышты. |
| ӨЭУ өздүк фонддорун өз алдынча иштете алууга жөндөмдүү: | Кайтарымдуу фонддорго алты жолу визит жасалды, бухгалтерия боюнча үйрөтүп машыктыруу уюштурулду. |
| Бүтүрүүчүлөрдүн келечекте жумушка тартылышын изилдөө анализи учурунда бүтүрүүчүлөрдүн 65% кыдырылып каралды. Жыйынтык маалыматтары КББСга киргизилди: | Кочкор менен Оттук КОЖдорунун эксперименталдык класстарын бүтүрүп чыккандардын 70% кыдырылып каралды. |
| Кредит берүү ийгиликтүү иш жүзүнө ашырылды: | Кредит мекемеси менен үч жолу жолугушуу уюштурулду. |
| Алты КОЖдун эң аз дегенде бирөө берген сунушуна ылайык аткарылган ишке жараша колдоо алды: | Эки КОЖдун ар биринде экиден проект жактырылып, кабыл алынды. |

Процесс

Проекттин өсүп-өнүгүшү жана анын иш-аракеттеринин кеңири жайылышы менен, өнөктөш окуужайларды машыктырып, үйрөтүүдө жана жер-жерлердеги чакан проекттерди жүзөгө ашырууга байланышкан керектүү колдоону камсыздап берүүсү үчүн проект кызматкерлерин көбүрөөк окутуп, даярдоо талап кылынууда. 2008-жылдын башында өткөрүлгөн кызматкерлердин ишин баалоонун жыйынтыктарына негизделип, профессионалдык максаттар иштелип чыгылды. Аталган максаттардын ичинде жыл ичинде тренингдерге катышуу жана өз алдынча иштөө темалары камтылган. Тилекке каршы, жумуштун көлөмүнүн артыкча көптүгүнөн жана кызматкерлер менен жетекчиликтин өз жумуш убактыларын начар уюштуруусунан улам кай бир гана максаттарга жетишүү мүмкүн болду. Ошондуктан, Проект максималдуу жумуш күчүн талап кылган мезгил системасын иштеп чыгат, анын натыйжасында приориттик иштерге жана кызматкерлердин окууларга катышып, үйрөнүп чыгуусуна мүмкүнчүлүк берүү үчүн убакыт бөлүштүрүлмөкчү. Мындагы идея - Проекттин ишин аткарууда максималдуу жумуш күчүн талап кылган мезгилди аныктоо жана ошого негиздеп жумуш убактысын бөлүштүрүү же профессионалдык өнүгүү багытындагы чараларды жумуш солгундаган убакытка коюп белгилөө.

Проекттин инновацияларынын бири шакирттик практика системасы болуп саналат, ал фермердик кесипке окутуунун сапатын камсыз кылуудагы маанилүү жагдай бойдон калууда. Ошондуктан Проект алигиче эле билим берүүнүн ушул бөлүгүнө көңүл буруусун улантууда. Былтыркы жылдан бери Проект окуужайларда мониторинг өткөрүү үчүн методикалык борборлорду ишке көбүрөөк тарта баштады. Мунун максаты ОМБны окуужайлардын турмушуна уламдан-улам көбүрөөк катыштыруу жана тартуу болуп саналат. Быйылкы жылы шакирттик практика системасын жүзөгө ашырууда КОЖдорго мониторинг жүргүзүү жана жардам берүү боюнча Проект ОМБ менен келишимдерди түздү. Жалпысынан алганда, Нарын облусундагы алты кесиптик окуужайлардын ар бирине эки жолудан визиттер уюштурулуп, анын негизинде отчеттор жазылып, сунуштар берилди. Мониторингдин жыйынтыгы шакирттик практика системасы КОЖдордо формалдуу түрдө гана өткөрүлүп, бирок бардык талаптарга толугу менен жооп бербей жаткандыгын көрсөттү, б.а. бардык эле студенттер чарбаларга жөнөтүлө бербейт, машыктыруучулардын визиттери регулярдуу негизде уюштурулбайт, практика күндөлүгү жакшы толтурулбайт, ж.б.у.с. Шакирттик практика системасы өткөн жылдарда эки гана окуужайда (Атбашы жана Акталаа) анча-мынча канааттандырарлык деңгээлде өткөрүлгөн. Аталган окуужайлар азыркы күндө да «Мисереордун» биргелешкен гранттык каржылоосунун алкагында камтылган, ошого байланыштуу машыктыруучу фермерлер өздөрүнүн кайтарымдуу фонддорун түзүүдө колдоо алышкан. Натыйжада, системага ээлик кылуу укугу камсыздалып, фермерлердин билим берүү процессине активдүү катышуусуна көмөк түзүлөт.

**1-таблица:** Шакирттик практика системасына тартылган машыктыруучу фермерлер менен студенттердин саны, Нарын облусу

| # | КОЖ | Машыктыруучу фермерлер | Студенттер | 31.12.08. чейин өткөрүлгөн тажрыйба алмашуу күндөрү (ТАК) | Тажрыйба алмашуу күндөрүнө катышкан фермерлердин саны |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Оттук | 7 | 27 | 14 | 12 |
| 2 | Кочкор | 56 | 56 | 20 | 31 |
| 3 | Акталаа | 14 | 15 | 15 | 15 |
| 4 | Атбашы | 33 | 50 | 12 | 18 |
| 5 | Куланак | 14 | 24 | 13 | 10 |
| ***Жалпы саны*** | | ***124*** | ***172*** | ***74*** | ***86*** |

2007-жылы Проект шакиртик практика системасына тартылган машыктыруучу фермерлер үчүн эки кайтарымдуу фонд түзүүдө жардам берди. Мындай кайтарымдуу фонддор эки КОЖдо - Акталаа менен Атбашыда - «Мисереордун» колдоосу менен машыктыруучу фермерлерге чакан көлөмдөгү кредиттерди берди. Кредиттер практикалык билим берүүнү камсыздай ала тургандай кылып, фермердин жеке чарбасын өнүктүрүү жана жакшыртуу максаты үчүн таркатылат. Отчеттук мезгилдин ичинде эки жолу жылдык чогулуш жана Жетектөөчү кеңештин алты чогулушу өткөрүлдү. Чогулуштардын күнтартибинде каралган маселелер - отчеттор, бюджеттер менен пландарды бекитүү, кредиттерди берүү чечимин чыгаруу жана иш аткарууга байланышкан суроолор. Колдо бар капиталга кошумча катары, Проект эки фондго 2008-жылы 4000 евро өлчөмүндөгү кредитти камсыздап берди. Фонддордун жылдык отчеттору кредиттердин процентик үстөгүн кайратып бербей калгандар жок экендиги жана бардык төлөмдөр графиктерге жараша өз убагында төлөнүп берилгендиги жөнүндө белгилейт. Азыркы учурда кайтарымдуу фонддордун окуужайлар менен активдүү түрдө кызматташып иштеген 57 мүчөсү бар. «Мисереор» өзүнүн финансылык колдоосун дагы жарым жылдык мөөнөткө узартып, андан кийин проект ишин жыйынтыктаарын билгизди.

Кайтарымдуу фонддордун мүчөлөрүнөн тышкары, Проекттин жооптуу кызматкерлери фонддорго регулярдуу негиздеги визиттерди уюштуруп, анын жетекчилерине жана Жетектөөчү кеңештеринин мүчөлөрүнө жардам көрсөтүп турушат. Визиттердин максаты - ишти уюштуруу жана башкаруу, финансылык башкаруу, пландоо жана башкалар сыяктуу ар кайсы тематикадагы маселелер боюнча колдоо көрсөтүү. Фонддор толук жоопкерчиликтүү юридикалык тарап катары иштеп жаткандыктан, мамлекет тарабынан да бир далай талаптар жана шарттар коюлат. Фонддун жетекчилери үчүн кыйынчылык туудурган маселелердин бири - финансылык башкаруу жана компьютерде иштөөгө тиешелүү шык-жөндөмдөр, себеби жетекчилер КОЖдордун машыктыруучулары жана алар буга чейин эч качан мындай жумушту аткарып көрүшкөн эмес. Ошондуктан, алгачкы салымдардын бири компьютердик сабатсыздыкты жоюу, бухгалтерия жана укуктук негиздер боюнча тренинг өткөрүү болду. Проект фонддорго колдоо катары чакан финансылык компьютер программасын алып берди, натыйжада ал фонддордун ишин жеңилдетүүгө көмөкчү болду. Мындай колдоо көрсөтүү келечекте да улантылмакчы; өздөрү иштеп баштаган мезгилге салыштырганда кайтарымдуу фонддор кыйла секирик кадам ташташты жана профессионалдык уюм катары иштөө потенциалына ээ болушту.

Компетенцияны өстүрүү жана мүчөлөрдүн арасында фондго ээлик кылуу жөндөмүн өнүктүрүү максатында проект мүчөлөр үчүн бир нече окууларды уюштурду. Көпчүлүк машыктыруучу фермерлер малчарбачылыгы жана талаачылык жаатында иш алып баргандыктан, ошого тиешелүү темалар боюнча окууларды өткөрүп берүү талап кылынган. Жалпы саны 60 жеткен фермерлер малчарбачылык жана талаачылык боюнча Проект тарабынан уюштурулган төрт окууга катышты. Тренерлер катары Айылдык кеңеш кызматынын (АКК) жана республикадагы башка билим берүү мекемелеринин ресурстук адистери тартылды.

Планда каралган бүтүрүүчүлөрдүн келечекте жумушка тартылышын изилдөө анализи 2008-жылдын декабрь айында өткөрүлдү, анын жыйынтыктары 2009-жылдын башында талданып жана анализделип чыкмакчы.

Мурдагы жылдардагыдай эле Проект иш алып барып жаткан региондордогу «Компаньон» аттуу жергиликтүү кредит компаниясы менен кызматташуу туруктуу негизде жана ийгиликтүү жолдо улантылды. Проекттин ролу мурункудай эле КОЖдор менен «Компаньондун» ортосундагы байланышты камсыз кылуу, азыркы учурга чейин партнер тарабынан эч кандай даттануулар боло элек. Кызматташууну күчтөндүрүү жана кредиттерди таркатуудагы потенциалдык рисктерди болтурбоо максатында Проект өнөктөш окуужайлардын, тренинг фонддордун жана «Компаньондун» катышуусу менен үч жолугушуу уюштуруп, өткөрдү. Ушундай жолугушуулар учурунда өнөктөштөр бири-бири менен ой бөлүшүп, жалпы иштер жана принциптер багытында макулдашууларга жетти. Аталган жолугушуулар партнерлук

мамилени чыңдоодо жана өзара ишенимди өстүрүүдө пайдалуу болуп саналат жана регулярдуу негизде улантылышы зарыл.

Проект менен анын өнөктөштөрүнүн сапатты тиешелүү деңгээлде камсыз кылуу жаатындагы зор аракеттерине карабастан, Проекттен инвестициялык колдоону алуу боюнча окуу жайлардын Проекттин талаптарына баарынын эле жооп берүүсү мүмкүн боло койгон жок. Окуужайдын инфраструктурасын жана окутууну жакшыртуу боюнча чакан көлөмдөгү инвестициялар эки гана КОЖго (Акталаа жана Атбашы) берилди. Жалпысынан төрт проект жактырылып, инвестициялык колдоо көрсөтүлдү.

## 3.2. Адаптация жана окутуу процессинин башкарылышы

*2-максатка тиешелүү:* ***Жаш жана потенциалдуу фермерлердин айылдык ишкер болуп чыгуусу үчүн окутуп-үйрөтүүнү көздөп, окуунун модулдук программасын жүзөгө ашырууда биргелешип каржылоо механизимдерин ишке киргизүү максатында, жергиликтүү менчикке таандык болгон уюмду түзүү демилгеси көтөрүлүп чыгылды.***

Индикатор

| | |
|---|---|
| 4-5 кесиптик окуужайы жергиликтүү финансылык каржылоо механизмине ээ: | Проект Талас облусунда мурдатан бери иштеп келе жаткан (эки өнөктөш окуужайга колдоо көрсөтүүчү) ӨЭУ аркылуу окутуунун жергиликтүү фондун түзүү боюнча пилоттук ишти аткара баштады. Учурда жалпысынан жети КОЖ жергиликтүү финансылык каржылоо механизмдерине ээлик кылууда. |

### 3.2.1. Өнөктөштөрдү тандоо

*ЖИПтин 2.1-күтүлүүчү натыйжасына тиешелүү:* ***Өнөктөш окуужайлар проектке катышуу боюнча өздөрү берген арыздарынын негизинде тандалды.***

| Индикаторлор | Натыйжалар |
|---|---|
| Талас облусунда жайгашкан КОЖдор үчүн презентация тартууланды: | Ооба: алты КОЖ презентацияга катышты. |
| Окуужайлардын арыздары жана визиттер: | Төрт окуужай арыз менен кайрылышты жана проект ал окуужайларга барып, көрүп келди. |
| Талаптарга жооп бериши жана минимум эки КОЖ тандалып алынды: | Эки КОЖ талаптарга жооп бере алды |
| Тандалып алынган КОЖдор жаңы системанын принцибин түшүндү: | Жергиликтүү ӨЭУ менен биргеликте КОЖдор үчүн баштапкы семинарлар активдүү түрдө уюштурулду |

Процесс

Лихтенштейндин Өнүктүрүү кызматы (ЛӨК) тарабынан берилген кошумча финансылык колдоонун натыйжасында жана Проекттин окутуунун жаңы моделин колдонуу багытында топтогон тажрыйбасына таянып, Проект өз ишин Талас облусуна да жайылтууну чечти. Талас облусу салыштырмалуу чакан жана Казакстан менен чекаралаш, бирок экономикалык жактан активдүү жана айылчарбачылык өндүрүшү өнүккөн аймак. Облуста алты кесиптик окуужайы бар, алардын бирөөсү Талас шаарынын өзүндө жайгашкан. Аталган алты кесиптик окуужай тең Проекттин максаты жана окутуунун жергиликтүү тарап аркылуу башкарылышынын концепциясы жөнүндөгү презентацияга чакырылды. Проект Кыргызстанда бир нече жылдан бери иштеп жаткандыгына байланыштуу, окуужайлар Проект жөнүндө кабардар жана ал аткарган иштери боюнча кыскача түшүнүккө ээ экен. Ошого карабастан, Проект өзүнүн талаптарын, тандоо процедураларын жана башка маселелерин деталдуу чагылдыра

турган терең мазмундагы презентацияны өткөрдү. Талас облусунда Проекттин иштей башташы билим берүүнүн жаңы системасын ишке киргизип иштөөгө жана проект менен кызматташууга кызыкдар болгон КОЖдор тарабынан позитивдүү кабыл алынды

Презентациянын негизинде КОЖдордон Проектке арыз менен кайрылуу жана талаптарды аткаруу суралды. Төмөнкү себептерден улам төрт гана КОЖ арыз берип кайрылды: бир окуужайы Талас шаарында жайгашкан жана талаптарга (айылчарбачылык багытта эмес) жооп бербей калды, башка бирөөсү кайрылуудан баш тартты, себеби «Хельветаска» кайрыла турган болсо, АӨБ проектине кайрылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болбой калат экен. Арыздарды алгандан кийин Проект командасы окуужайларга визит менен барып, алардын проекттин талаптарына жооп беришин текшерди. Ал эми тандоо боюнча талаптар өткөн жылдардагыдай бойдон эле калды да, Проектке тартылган бардык окуужайларга тиешелүү: профессионалдык менеджмент, педагогикалык штаттын компетенциясы, КОЖдун көлөмү, окуужайдын кардарларга ыңгайлуу жерде жайгашкандыгы, инфраструктурасынын абалы, финансылык перспективасы, жергиликтүү спонсорлордун көңүлүн өзүнө тарта алуу потенциалы, окуу планды жана каржылоонун жаңы механизмдерин иштеп чыгууга, ишке киргизүүгө болгон мотивациясы жана кызыгуусу ж.б. болду. Төрт КОЖдун экөөсү гана талаптарды аткарды.

Тандоо бүткөндөн жана Проект менен кызматташуусу боюнча чечим кабыл алынгандан кийин, тандалып алынган ӨЭУ менен биргеликте, Проект окуужайлары үчүн окутуунун жергиликтүү тарап аркылуу башкарылыш концепциясы жана пландалып жаткан курс боюнча билим берүү схемасы, окуу пландары, окутуу концепциясы, инвестиция боюнча концепция, ж.б.жөнүндө бир нече тааныштыруу ишчараларын уюштурду. КОЖдор берилген маалыматты зор кызыгуу менен кабыл алышып, түшүнүштү. Ар бир окуужайда келечекте Проектти иш жүзүнө ашырууга жооптуу боло турган чакан жумушчу топтор түзүлдү.

### 3.2.2. Жергиликтүү тренинг фонддору

*ЖИПтин 2.2-күтүлүүчү натыйжасына тиешелүү:* ***«КОЖОнун» функциялары ийгиликтүү жолдо мурдатан бери иштеп келе жаткан ӨЭУга мандат катары ыйгарылды (мурда: Окуужайлар жергиликтүү тренинг фонддорун түзүү демилгесин ийгиликтүү түрдө көтөрүп чыгышты)***

| Индикаторлор | Натыйжалар |
|---|---|
| Концепция иштелип чыгарылды жана иш жүзүндө колдонулууда: | Окутуунун жергиликтүү тарап аркылуу башкарылышы боюнча Проекттин жаңы принцибин сүрөттөгөн концепция иштелип чыгарылды жана мурдатан бери иштеп келе жаткан ӨЭУларды тандоодо жана алар менен чогу иштешүүдө сынактан өткөрүлдү |
| Минимум он ӨЭУга визит жасалып, алардын потенциалы аныкталды: | Республикалык жана жергиликтүү массалык маалымат каражаттары аркылуу жарыя берилип, алты ӨЭУ кызыккандыгын билдирди жана арыз менен кайрылды |
| Арыз менен кайрылган ӨЭУлар талаптарга жооп берет: | Бир ӨЭУ - Талас облусунун фермерлеринин бирикмеси тандоонун талаптарына толугу менен жооп берди |
| Тараптардын жоопкерчиликтери түшүнүктүү: | Кызматташуу боюнча жалпы келишимге кол коюлду жана ӨЭУ кызматташуу концепциясын түшүндү |

Процесс

2006-жылдан бери жаңы уюмдарды түзүү аркылуу окутуунун жергиликтүү менчикке таандык болгон моделин ишке киргизүү аракеттерин жасоо менен Проект зор тажрыйбага ээ болду. Жаңы уюмду түзүү дайыма эле натыйжалуу ишыкма боло бербегендиктен, себеби алар социалдык мобилизация багытында активдүү жолдо жана учурда айыл жергесинде иштегендигинин негизинде туруктуурак болот деген ойдо мурдатан бери иштеп келе жаткан өкмөттүк эмес уюмдарга укук берүү аркылуу иштөө чечими кабыл алынды. Ошондуктан, жергиликтүү демилгелер багытындагы Проекттин иштерине негиздөө, ошондой эле уюмду

таанытууга жана учурда иштеп жаткан ӨЭУларды өнүктүрүүгө көңүл буруу максатында, окутуунун жергиликтүү тарап аркылуу башкарылышы боюнча концепция кайрадан каралып чыгып, өзгөртүлдү. Андан тышкары, жаңы принцип Проектке өздүк ресурстарын оптималдаштырууга жана көбүнесе мурдатан бери иштеп келе жаткан тренинг фонддор менен ӨЭУларга көңүлдү бурууга мүмкүндүк бериши күтүлөт. Негизинен бул жерде фандрайзинг (каржылоо булактарын табуу) жана билим берүү процессине мониторинг жүргүзүү функцияларын аткаруу үчүн сырткаркы тарапты тартуу жөнүндө көбүрөөк сөз болуп жатат, натыйжада тиешелүү ӨЭУга өзүнүн шык-жөндөмдөрү менен компетенциясын жакшыртып алуусуна жардам берилмекчи. Баштапкы концепция логикалык негизин, аткарылышынын кадамдарын, кызматташтык менен аркасынан түртмөлөп жардам берүүнүн, мониторинг жана финансылык каржылоонун кадамдарын сүрөттөйт. Аталган концепция Таласта пилоттук негизде колдонулуп, сынактан өткөрүлдү.

Концепция даярдалып бүткөн соң, Талас облусунда мурдатан бери иштеп келе жаткан жана коомчулук менен, ошондой эле окутуу-билим берүү багытында иштөөдө тажрыйбага ээ болгон ӨЭУларды издөө үчүн Проект жергиликтүү жана республикалык деңгээлдеги массалык каражат маалыматтары аркылуу жарыя берди. Алты жергиликтүү ӨЭУ арыз менен кайрылып, кызматташууга кызыккандыгын билдиришти, бардык катышуучулардын кесиптик профилдери ар кандай жана алардын баары коомдун ар кайсы тармактарында иш аткарган болчу: мисалы, жаш курагы жетилгендерди окутуу, жарандык укуктар, шайлоолор, ресурстарды кайрадан колдонуу менен иштетүү, үрп-адаттарды жана салттарды пропагандалоо жана башкалар. Курамында менеджерди, техникалык кеңешчини жана эки жамааттык фасилитаторду камтыган проект командасы бир жумалык убакыт аралыгында туура тандоону камсыз кылуу үчүн кайрылган уюмдарга барып, алардын талаптарга жооп бере тургандыгын текшерип көрүү максатында маектешүүлөрдү өткөрдү. Интенсивдүү түрдө өткөрүлгөн маектешүүлөрдүн, визиттер менен анализдердин негизинде бир ӨЭУ – Талас облусунун фермерлеринин бирикмеси жамааттарга колдоо көрсөтүү жана окутуу процессин башкаруу боюнча иштей турган жергиликтүү өнөктөш катары тандалып алынды.

Тандалып алынган өнөктөш Талас облусундагы көп жылдан бери иштеп келе жаткан ӨЭУлардын бири жана 2500 мүчөсү бар Талас фермерлеринин коомдук бирикмеси болуп саналат. Анын милдети - Талас облусунун фермерлеринин кызыкчылыктары менен укуктарын чагылдырып, коргоо жана айылчарба маселелри боюнча кеңешчилик кызматын көрсөтүү, окутуу жана чакан кредиттер менен камсыз кылуу аркылуу айылчарба өндүрүшүнүн өнүгүшүнө көмөктөшүү. ӨЭУ жалгыз эле региондо эмес, ӨЭУлар ассоциациясынын активдүү мүчөсү катары республикалык деңгээлде да жана башка программалардын арасында да белгилүү. Аталган Бирикменин өзүнүн жылдык конференциясы, иштин ар кайсы бөлүктөрүнө жооптуу болгон ар кыл комиттерден турган кеңеши жана жумушка тиешелүү маселелер жана бизнес боюнча аткаруучу органы бар. Кызматташтыкты жыл жаңыргандан бери иштеп баштагандан тартып Проект Бирикменин фермерлеринин жылдык конференциясынын чогулушунда окутуунун жергиликтүү тарап аркылуу башкарылышы боюнча концепцияны презентациялоого жетишти. Конференция жаңы проект менен иштөөгө өзүнүн макулдугун берип, жалпы башкаруу жана жетектөө милдетин мойнуна алган өзүнчө жетектөөчү комитетти түзүү чечимин бекитти. Башка донор катары, «Хельветас» комитеттин мүчөсү болуп эсептелет. Андан кийин, Проект кызматташуу жана Бирикмеге ыйгарыла турган мандаттар боюнча келишимди түздү. Келишимде кызматташтыктын жалпы принциптери, Бирикменин милдеттери жана ар бир тараптын ролдору сүрөттөлгөн. Бирикме өз кызматтарын Таластагы эки тандалып алынган КОЖго көрсөтөт.

### 3.2.3. Окууларды уюштуруп, өткөрүү механизми

*ЖИПтин 2.3- күтүлүүчү натыйжасына тиешелүү:* ***Жергиликтүү тренинг фонд (КОЖО) биргелешип каржылоо келишимдеринин негизинде окууларды уюштуруп, өткөрүү үчүн окуужайлар менен контракт түздү.***

| Индикаторлор | Натыйжалар |
| --- | --- |
| Чогулушта «КОЖОнун» отчету жактырылып, бекитилди: | Алты чогулуш өткөрүлүп, отчеттор бекитилди. Бул жылы чогулуштар демонстрация күндөрү менен айкалыштырылып, өткөрүлдү. |
| ЖК «КОЖОнун» ишин канааттандырарлык деп таап, ага карата жылуу ой-пикирин айтты: | ЖК өзүнүн чогулуштарын регулярдуу негизде өткөрүп турду. Жалпысынан 82 ар кыл маселелер талкууланып, чечимдер чыгарылган 26 чогулуш болуп өттү. |
| Аткаруучу директорлордун арасында тажрыйба алмашуу өткөрүлдү: | Аткаруучу директорлор эффективдүү иштөө максатында чогулуштардын санын кыскартты. Ошондуктан жалгыз гана кварталдык чогулуштар өтүлүүдө, жалпысынан жыл ичинде алты регулярдуу чогулуш уюштурулду. |
| Тренинг муктаждыктары каралып чыкты: | Проект аткаруучу директорлор үчүн квалификацияны жогорулатуу боюнча интенсивдик окуу программасын жана тажрыйба алмашуу программасын уюштурду, бирок анын результаттарына таянып, окууга мораторий жарыялоо чечимин кабыл алды. |
| «КОЖО» финансылоонун 14-20% минималдык келишимдик чегине жетти: | Проект ар бир жолку которулган акча каражаты үчүн биргелешип каржылоо системасына ылайык гранттык келишим түзүп турду. |
| Жергиликтүү кызыккан тараптар «КОЖОнун» функциялары жөнүндө кабардар жана аны менен кызматташууга даярдыгын билдиришти: | «КОЖО» бир катар коомдук байланыш кампанияларын өткөрдү жана күнүмдүк иштер аткарылуунун үстүндө. |
| «КОЖО» менен окуужайдын ортосундагы окууларды уюштуруп, билим берүү боюнча контракттык иш аткарылды: | 2008-2010-жж. окуу курсу үчүн беш жаңы контрактка кол коюлду, аткарылуунун үстүндө. |

<u>Процесс</u>

Окуужайлар менен «КОЖОлордун» иш-аракеттерин рекламалоо максатында демонстрация күндөрүн күзүндө окуу жылы башталаарга чейин чогу өткөрүү макулдашылган. Эртең менен бардык чогулушка чакырылгандар чогулушка, ал эми түштөн кийин студенттер өз шыктарын жана окуган курсун көргөзүшкөн демонстрация күндөрүнө катышты. Аталган иштин экөөн тең «КОЖО» жооптуу болгондуктан, мындай айкалыштыруу чыгымдарды натыйжалуу жолдо үнөмдөө менен өзүн актаарлык болду. Анткен менен айкалыштырылып өткөрүлгөн демонсрация күндөрү жалгыз гана Ысыккөл жана Чүй облустарында болуп өттү, ал эми Таласта мындай демонстрация күндөрү өткөрүлгөн жок, себеби анын окуужайлары курсу ушул жылы гана баштаган эле. Катышуучулар отчетторду, пландарды жана «КОЖОнун» чечимдерин бекитишти да, «КОЖОнун» Жетектөөчү кеңешине мүчөлөрдү кайрадан шайлашты. ЖКнын көптөгөн мүчөлөрү кайрадан шайланышты жана иштерин улантышты. Жылдык чогулуштарда фермердик кесипке окутууга кызыккан жергиликтүү коомчулуктун

кеңири өкүлчүлүгү камсыз болбой жаткандыктан, Проект менен «КОЖО» дагы деле жергиликтүү коомчулукту активдүү түрдө мобилизация маселеси боюнча чагылдырышы зарыл. Жергиликтүү коомчулуктун кеңири катышуусу фондго ээлик кылуу принцибин ийгиликтүү ишке ашырууда абдан маанилүү. Ошондуктан идеяларды иштеп чыгуу жана аларды иш жүзүнө ашыруу боюнча чогулуштардын сериясы 2009-жылы «КОЖОлор» жана алардын ЖКлары менен биргеликте уюштурулмакчы. Проект аталган процесске жетекчилик кылуу менен өз иш пландарын аткаруусунда «КОЖОлорго» машыктыруу көмөгүн көрсөтөт.

«КОЖОнун» Жетектөөчү кеңештери Проекттин негизги партнерлорунун бири бойдон калууда. Кызыккан тараптар үчүн жетектөөчү кеңештерди организациялык өнүгүү жана артынан түртмөлөп жардам берүү боюнча чыныгы курал менен механизм катары өнүктүрүү дагы деле кыйын иш болуп жатат, себеби учурда иштеп жаткан Жетектөөчү кеңештердин көпчүлүгү активдүүлүктү көрсөтүшпөйт жана «КОЖОнун» ишине тартылышпайт. Аталган маселе жамааттар арасында «коомдук башкаруу» деп аталган жаңы тема менен байланыштуу жана келечекте кайрылуу зарыл болгон маселе. Квалификациялык потенциалды өнүктүрүү жана ЖКлардын мүчөлөрүн күчтөндүрүү Проект 2009-жылда тереңирээк карап чыгып, аткара турган башка иштердин ичине кирет. Ушуга чейин Проект ЖК мүчөлөрү үчүн Жетектөөчү кеңештердин мүчөлөрү өз функциялары менен ролдорун, башкаруу куралдарын, коомдук байланышты жана сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнү, ж.б. жакшы билип чыга тургандай окуу программасы боюнча демилге көтөргөн. Катышуучулар окуу программасын улантуу боюнча өз кызыккандыктарын билдиришти, ал эми Проект көмөктөшүүсүн улантып аткара берет. Отчеттук мезгил ичинде ЖКлар өздөрүнүн 26 чогулушунда жалпысынан 82 ар кыл маселелерди талкуулап, чечимдерди чыгарды. Адатта чогулуштар кварталдык негизде чакырылды. Темалар негизинен бюджет түзүү, пландар, ар кандай иштерди координациялоо, фандрайзинг процессине колдоо көрсөтүү ж.б. сыяктуу «КОЖОлордун» иштерине тиешелүү маселелерге байланышкан.

**1-диаграмма:** 2008-жылы «КОЖОнун» чогулуштарына катышкандардын саны




| | Ананьево | Каракол | Беловодск | Сокулук | Боконбаев | Талас |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Катышуучулар | 27 | 48 | 52 | 58 | 71 | 139 |

Маалымат таркатууну жакшыртуу жана тажрыйба алмашуу максатында, аткаруучу директорлор өздөрүнүн регулярдуу түрдө өткөрүлүүчү кварталдык чогулуштарын өткөрүштү, анда алар өз иштери, ойлору жана көзкараштары жөнүндө талкуулашып, жалпыга таандык болгон иштерди координациялоо багытында ой бөлүшүштү. Өткөн жылдарда негизинен мындай чогулуштардын демилгесин Проект гана көтөрүп, өткөрчү эле. Отчеттук жылда аткаруучу директорлор активдүүрөөк иштеп, чогулуштарды уюштурууда жана күнтартибин аныктоодо

өздөрү жетекчиликти мойнуна алышты. Азыркы күндө деле Проект кызматкерлери чогулуштарды алып баруу боюнча машыктырып, жардам берүүдө. Отчеттук жыл ичинде «КОЖОлор» алты жолу чогулушуп, маалымат кампаниялары, чогулушка жана демонстрация күндөрүнө даярдык, бюджеттерди түзүү жана отчет берүү, коомдук байланыш жана сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү ж.б. сыяктуу 24 ар кандай темаларды жана маселелерди карап чыгышты. Аткаруучу директорлор өз алдынча иштеп, көзкарандысыздыкка жетишет деген үмүт бар, балким ошондо тез-тезден жолугушуунун мааниси да түшөөр. ошондуктан аткаруучу директорлор республикалык деңгээлде эмес, регионалдык гана чогулуштарды өткөрүп калышат. Мындай план 2009-жылдан тартып ишке кирет да, аткаруучу директорлор келечекте өздөрүнүн операциондук иштерине гана көңүл буруп калат.

**2-диаграмма:** 2008-жылда өткөрүлгөн чогулуштардын саны «КОЖОлордун» ЖКлары талкуулаган темалардын саны



| | Кемин | Беловодск | Сокулук | Боконбаев | Ананьево | Талас | Каракол |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Чогулуштардын саны | 1 | 4 | 3 | 3 | 5 | 5 | 5 |
| Темалардын саны | 1 | 11 | 12 | 13 | 15 | 15 | 16 |

Аткаруучу директорлордун квалификациялык потенциалын жогорулатууга өзгөчө көңүл буруу жана аларды абдан маанилүү орган катары эсептөө менен Проект аткаруучу директорлор үчүн кыйла интенсивдүү жолдо өткөрүлө турган тренинг программасын уюштурду. КОЖдор менен «КОЖОлордун» директорлору үчүн уюштурулган Окуу жайлардын менеджерлеринин квалификациясын жогорулатуу программасы боюнча окутуу багытында өткөн жылдарда топтолгон тажрыйбанын негизинде, Проект менеджерлердин тренинг программасын тренингге карата муктаждыктарды аныктоо жана анын жыйынтыктарын чагылдыруу аркылуу ылайыкташтырып өзгөртүп түздү. Аталган программанын алкагында катышуучулар башкаруунун негиздери, коммуникация, фандрайзинг жана коомдук байланыш, конфликттерди жөнгө салуу, клиенттер менен иштөө ж.б.у.с. темаларды окуп-үйрөнүүгө жетишти. Катышуучулар окуунун мазмунуна да, программанын аткарылуусунун сапатына да ыраазычылык билдиришти. Анткен менен, программанын окуу мөөнөтү узакка созулуп, аткаруучу директорлорду иш-милдеттерин аткаруудан көп алаксытты. Бул «КОЖОлор» менен активдүү кызматташып иштешкен партнерлордун арасында нааразылыктарга да алып келди. Ошондуктан жана аткаруучу директорлордун иш аткаруу деңгээлиндеги иштерин көбүрөөк интенсивдештирүү максатында, Проект аткаруучу директорлор үчүн келечек окууларга белгилүү мөөнөткө чейин мораторий жарыялады. Балким, Проект 2009-жылы бул подходду кайра карап чыгышы жана тренингге карата муктаждыктарды атайын окуу сессиялары аркылуу өткөрүшү мүмкүн.

Фандрайзинг иштерин жакшыртуу жана фонддук каражаттардын пакетин көбөйтүү бардык «КОЖОлор» үчүн маанилүү иш бойдон кала берди. Проект ушул күнгө чейин деле бардык өнөктөштөр үчүн азырынча ийгиликтүү катары саналган биргелешип каржылоо системасын колдонууда. Өткөн жылдарга салыштырмалуу кай бир «КОЖОлор» эларалык уюмдардан жана компаниялардан да каражаттарды тарта алышты, бирок жергиликтүү деңгээлде каражат аз топтолду (атап айтканда, 7000 АКШ доллары ОБСЕ Ысыккөл облуунун эки «КОЖОсуна», 10000 АКШ доллары эларалык кен казуу компаниясынан Талас облусунун фермерлеринин бирикмесине). «КОЖОлордун» проект сунуштарын жазуу багытындагы шыктары өсүүдө жана алар ар кыл мекемелерге кайрылууда активдүүлүктү көрсөтүшүүдө. Тилекке каршы, студенттердин топторун каржылоодо сарпталчу чыгымдарды жабуу үчүн «КОЖОлордун» баары эле бирдей деңгээлде жетишээрлик каражаттарын камсыздап алыша элек, ошол себептен улам 2008-2010-жылдарда Ананьеводо жана Караколдо жаңы топтор окууга тартылбайт. Проект менен «КОЖОлордун» ортосундагы финансылык мамилелер баштапкы эле эрежелерге таянып жүргүзүлүүдө: «КОЖОлордун» банктык балансына негиздеп, Проект өзүнүн үлүштүк гранттык каражатын которуп берет. 2008-жылы Проект фонддорду 2000000 сомдук көлөмдөгү каражат менен камсыздады. Ага кошумча, «КОЖОлордун» өздүк операциондук чыгымдарына чектөө койгон 2007-жылы ишке киргизилген административдик чыгымдарды курстун чыгымдарына байлоо системасы экономикалык эффективдүүлүктү жогорулатуунун натыйжалуу куралы катары өзүн-өзү актады.

«КОЖОлордун» башкы иштери фандрайзинг же каражаттарды топтоо максатында рекламалык кампанияларды өткөрүү, окутуунун жергиликтүү тарап аркылуу башкарылышы боюнча механизмдерди коомчулукка таанытуу жана жаңы студенттердин көңүлүн өзүнө бурдуруу аркылуу окуу курстарына тартуу. Быйылкы жылы «КОЖОлор» окуу курсу боюнча рекламалык кампанияны уюштурууда жаңы нерсени - жай мезгилинде популярдуу артисттерди чакыруу менен оюн коюп көрсөтүүнү жана эс алуу жайларына визит менен барууну колдонушту. Мындай аракет жогору бааланды, бирок начар жолдогу координациянын жана пландоонун натыйжасында, бул чара өз максатына да жетпей, анча киреше да алып келбей калды. Эң ийгиликтүү иштеген «КОЖО» Таластыкы болду, себеби ал эки КОЖго студенттердин үч тобун окууга тартууга жетишти. Жогоруда сөз болгон Каракол менен Ананьевонукунан башка «КОЖОлордун» ар бири окууга бирден группа тарта алышты. «КОЖОлордун» лидерлик жана иш-аракеттерди координациялоо шык-жөндөмдөрүнүн начар деңгээли, ошондой эле алардын окуужайлар менен байланышынын начардыгы негизги проблема катары калууда. Окуужайлардын коомчулук арасындагы ролун жана алардын «КОЖОлорго» колдоо көрсөтүүсүнө байланышкан потенциалын көңүлгө албай коюу мүмкүн эмес. Ошентип, алты гана топ 2008-жылы билим алуусун баштады, атап айтканда бирөө Бөкөнбаевде (бир келишим), бирөө Сокулукта (бир келишим), бирөө Беловодск айылында (бир келишим) жана үчөө Таласта (эки келишим).

**2-таблица:** Окууга тартылган студенттердин саны, жалпысы (анын ичинен кыздар)

| **№** | **КОЖ** | **2006 (1-топ)** | **2007 (2-топ)** | **2008 (3-топ)** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Ананьево, Ысыккөл (№82 КЛ) | 12 (6) | 20 (10) | |
| 2 | Бөкөнбаев, Ысыккөл (№81 КЛ) | 12 (4) | 15 (4) | 17 (3) |
| 3 | Каракол, Ысыккөл (№2 КЛ) | 24 (0) | 16 (0) | |
| 4 | Кемин, Чүй (№19 КЛ) | 12 (4) | | |
| 5 | Сокулук, Чүй (№43 КЛ) | | 18 (6) | 20 (7) |
| 6 | Беловодск, Чүй (№28 КЛ) | | 11 (0) | 16 (0) |
| 7 | Боотерек, Талас (№41 КЛ) | | | 15 (3) |
| 8 | Көкөй, Талас (№6 КЛ) | | | 41 (7) |
| ***Жалпы саны*** | | ***60 (14)*** | ***80 (20)*** | ***109 (20)*** |

### 3.2.4. Билим берүүнү камсыздоо

*ЖИПтин 2.4-күтүлүүчү натыйжасына тиешелүү:* ***Окуужайлар окутуу кызматтарын колдонуучулардын жана каржылоочулардын купулуна толгудай тренингдерди камсыздайт.***

| Индикаторлор | Натыйжалар |
|---|---|
| Минималдуу он эки мониторинг күндөрү: | Февралдагы жана июлдагы мониторинг визиттери, 20 күн.<br>Мониторинг визиттери учурунда тренингге карата муктаждык аныкталды |
| Мугалимдер окутуунун сапаты менен канааттанышты: | Жай жана кыш мезгили үчүн эки тренинг программасы иштелип чыгылды;<br>31 тренер менен келишим түзүлдү, 127 тренинг өткөрүлдү жана 756 катышуучу тренинг программасы боюнча окуудан өттү. |
| Окууга кызыккан катышуучулардын күтүүлөрүнө жараша ОМКП иштелип чыгылды: | Аткаруучу директорлор үчүн өткөн жылдын тажрыйбасынын негизинде «КОЖОнун» муктаждыктарына ылайыкташтырылып программа иштелип чыгылды, бирок окуужайлардын директорлору, орун басарлары катышкан жок. |
| Ар бир окуужайда демонстрация күндөрү жана чогулуштар өткөрүлдү: | Сегиз окуужайда 27ден 71ге чейинки адамдын катышуусу менен демонстрация күндөрү өткөрүлдү. |
| Фермерлердин 70% шакирттик практиканын талаптарына жооп берет жана каталог студенттердин арасында маалым: | Фермерлер жана студенттер үчүн январда беш машыктыруучуну ар бирин эки күндөн ишке тартуу менен шакирттик практика боюнча беш окуу өткөрүлдү, фермерлердин 70% көбү шакирттик практиканын талаптарына жооп берет. |
| Фермерлер менен студенттер шакирттик практиканы ийгиликтүү аткарышты жана студенттердин 80% өз шакирттик практика чарба-сында активдүү ишке тартылды: | Ар бир КОЖго апрель жана сентябрь айларында эки жолку мониторинг жүргүзүлдү (14 күн).<br>Студенттердин 80% өз шакирттик практика чарбасында активдүү ишке тартылды |
| Окуужайлар менен «КОЖОлор» баалоону ишенимдүү жолдо өткөрө алды: | Окуужайлар менен «КОЖОлордун» 1-семестринде окууну баалоо боюнча эки регионалдык тренинг өткөрүлдү. |
| Студенттердин 80% баалоого катышты жана алардын билиминин баштапкы деңгээли аныкталды: | Жалпысынан студенттердин 100% экзамендерин берди<br>Модулдардын 1-циклин баалоо үч КОЖдо гана өткөрүлдү.<br>Модулдардын 2-циклин баалоо бир КОЖдо гана өткөрүлдү. |
| КОЖдордун инвестициялык сунуштарынын 80% кайра карап чыгууну талап кылбайт жана окуужайлар финансылык каражаттарды эффективдүү пайдаланды: | КОЖдор инвестициялык сунуштары менен көбүнесе кечигип кайрылышат жана сунуштардын жазылышынын сапаты начар |

Процесс

Өткөн жылдардагыдай эле, Проект КОЖдордогу окутуунун сапатына мониторинг жүргүзүүгө жооптуу болду. Мониторинг жүргүзүүчү команда дагы мурдагы жылдардагыдай эле калып, Проекттин күтүүсүнө ылайык мониторинг өткөрдү. Мониторинг процесси боюнча жалпы түшүнүк алуу жана өздөрүнүн мониторингге тиешелүү шыктарын өстүрүү максатында, аткаруучу директорлор мониторинг командасынын расмий эмес мүчөсү катары коштоп жүрүштү. Отчеттук мезгил ичинде КОЖдорго жалпы саны 20 күнгө барабар болгон эки жолку мониторинг өткөрүлдү. Анын жыйынтыктары окутууда кандайдыр бир жылышка жетишилгендигин көрсөттү, бирок ошол сапатты кармап туруу окуужайлар үчүн кыйын милдет катары эсептелет, себеби КОЖдордогу кызматкерлердин жумуштан кетип, орун алмашуусу абдан жогорку деңгээлде. Мониторингдин жыйынтыктарына таянып, Проект мугалимдердин тренинг программасын иштеп чыкты жана колдо бар тренинг программаларын жакшыртып, жөнгө салды. Швейцариядан келген стажер мониторингдин результаттарын колдонуп, мугалимдер үчүн методикалык тренинг программасын иштеп чыкты.

КОЖдорду өнүктүрүү багытындагы негизги иштердин бири - инновацияларды аткарууда жана окуу курсун рекламалоодо талап кылынган квалификациясын жогорулатуу КОЖ үчүн абдан маанилүү болуп саналган мугалимдер үчүн тренинг программасы. Ошондуктан Проект окуужайла методикалык жана предметтик темаларды камтыган атайы түзүлгөн тренинг программаларын сунуштоону жана аларды жер-жерлерде ар кандай семинарларды уюштуруу аркылуу машыктырууну улантты. Проект Таластын эки окуужайына аларды жаңы окуу жылына даярдоо максатында кыйла интенсивдүү колдоо көрсөттү. Чүй, Ысыккөл, Нарын жана Талас облустарынан жалпы саны 756 жеткен мугалим 127 тренингге катышып чыкты. Эки тренинг программасын ишке ашыруу үчүн 31 тренер тандалып алынды жана келишим менен жумушка тартылды.

**3-диаграмма:** Тренинг темаларынын, катышуучуларынын, тренинг-күндөрдүн саны (Нарын, Ысыккөл, Чүй жана Талас)




| | 2001 | 2002 | 2003 | 2004 | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Окуулар | 26 | 37 | 65 | 48 | 31 | 32 | 64 | 127 |
| Кундор | 55 | 106 | 122 | 130 | 103 | 100 | 60 | 130 |
| Катышуучулар | 225 | 426 | 811 | 404 | 303 | 585 | 459 | 756 |

Окуужайлардын менеджерлеринин квалификациясын жогорулатуу программасы боюнча окутуу багытында өткөн жылдарда топтолгон тажрыйбанын негизинде, Проект негизинен «КОЖОлордун» аткаруучу директорлору үчүн ушуга окшош тренинг программасын уюштуруп, сунуштады, себеби 2008-жылда да окуужайлар катышууга кызыккандыктарын билдиришкен жок. Ошого байланыштуу, менеджерлердин квалификациясын жогорулатуу

программасы «КОЖОлордун» муктаждыктарына жана ситуацияларына ылайыктыштырылып түзүлдү.

Тренинг программасы кыйла интенсивдүү болуп, алкагында «КОЖОлордун» ишинде колдонулуучу ар кыл темаларды камтыган: конфликттерди жөнгө салуу, коммуникация жана коомдук байланыш, фандрайзинг жана лобирлөө, стратегиялык жана операциондук башкаруунун, пландоо ж.б.у.с. темалар. Программа теориялык жана практикалык бөлүктөрдүн айкалышынан турду жана ар бир катышуучу жылдык иш планды (ЖИП) иштеп чыгуу, миссияны жана стратегияны аныктоо жана анализдөө сыяктуу өз ишине тиешелүү проект жумуштарын аткарышкан. Бардык аткаруучу директорлор тренингге катышып, окуп-үйрөнүүгө шыктандырылган. Тематиканын ар түрдүүлүгүнө жана пайдалауулугуна карабастан, программа «КОЖОлорду» күнүмдүк жумушунан көп алагды кылды жана ээлик кылчу тараптардын нааразычылыгын туудурду. Проект жана аткаруучу директорлор «КОЖОлордун» ишине тоскоолдукболо турган тренинг жана башка чараларды өткөрүүгө тыюу салуу керектигин түшүнүштү жана ага макулдугун беришти. Келечекте аталган программа «КОЖОлор» өз квалификацияларын жогорулатууга салым кошууга жөндөмдүү болуп калган учурда «КОЖОлордун» белгилүү бир жагдайларына ылайык жакшыртылып, түзүлүшү ыктымал.

Чыгымдарды сарптоону оптималдаштыруу жана чогулуштардын көңүлдү өзүнө тартаарлык негизде уюштуруу максатында, Проект өнөктөштөрү чогулуштар менен демонстрация күндөрүн чогу өткөрүү боюнча чечим кабыл алышты. Мындай айкалыш окуу курсунун артыкчылыгын жалпы коомчулукка тааныштырууну жана коомчулуктун окутуу процессин башкарууга катышуусун арттырмакчы. Демонстрация күндөрү «КОЖОлордун» чогулуштарынын күнтартибине киргизилген, ал эми коноктор чогулуштан кийин аталган ишчарага катыша алышты. Азыркыга чейин окуужайлар экинчи жолу демонстрация күндөрүн өткөрүп жатышат жана ал багытта бир аз тажрыйба топтоого жетишти. Проект демонстрация күндөрүнө жооптуу болгон адамдар үчүн кайра дагы тренинг уюштуруп, бул ишчараны аткарууда тиешелүү чыгымдарды жабуу максатында ар бир окуужай үчүн чакан көлөмдөгү бюджетти камсыздады. Проект тарабынан көрсөтүлгөн салым менен жумушчу топтун аракеттерине карабастан, демонстрация күндөрү менен чогулуштар күтүлгөндөй болуп, көп сандагы адамдарды тарта алган жок. Анын себеби окуужайлар менен «КОЖОлордун» ортосундагы координациянын начардыгы, окуужайлардын даярдыкка көңүл коштук мамилеси жана аны рекламалык куралдардын бири катары эсептебегендиги болду. Кийин, октябрь айы кайрадан эле айылдыктар үчүн бош эмес мезгил болот.

**4-диаграмма:** Демонстрация күндөрүнө катышкандардын саны




| | Ананьево | Каракол | Акталаа | Беловодск | Атбашы | Кочкор | Сокулук | Боконбаев |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Катышуучулар | 27 | 48 | 48 | 52 | 52 | 56 | 58 | 71 |

Практикалык билим берүүнү камсыздоодо жана окуу планын фермердин реалдуу турмуштук жагдайы менен байланыштырууда өнөктөш КОЖдор үчүн шакирттик практика системасы маанилүү маселе боюнча калууда. Мурункудай эле, Проект шакирттик практика программасын аткарууда машыктыруучуларды окутуу жана колдоо көрсөтүүдө салымын кошту. Проекттин адистери аталган система жана аны кантип аткаруунун деталдарын түшүндүрүү боюнча бардык машыктыруучулар үчүн окуу өткөрдү, ал эми машыктыруучу фермерлер үчүн 2008-жылы шакирттик практика өткөргөн беш КОЖдун ар биринде өзүнчө окуу уюштурулду. Окуу учурунда студенттер менен фермерлер керек болгон маалыматтарды жана күндөлүк, келишимдер жана фермерлер менен студенттердин ортосундагы тажрыйба алмашуу күндөрүнүн графиги сыяктуу материалдарды алышты. Шакирттик практика системасы батыш Чүйдө жайгашкан КОЖдор үчүн жаңылык эле, ошондуктан Проект аталган окуужайларга көбүрөөк колдоо берип, көңүл бурду. Нарындык окуужайлар үчүн система абдан таанымал, аларга анчалык көп колдоонун кажети жок болду. Окуужайлар машыктыруучу фермерлердин каталогуна шакирттерди кабыл алуу боюнча талаптарга жооп берген жаңы тартылган фермерлерди кошушту. Студенттердин баары эле башка шериктеш чарбаларга бара койгон жок, алар өз чарбаларында калууну жана Айылдык кеңеш кызматы (АКК) кеңешчилик жардам алып турууну артык көрүштү. Шакирттик практика системасынын бөлүгү катары студенттер КОЖдогу практикалык сабактарга да катышышты. Колдоо көрсөтүү жана чарбадагы ситуацияны аныктоо максатында, апрель жана сентябрь айларында жалпысынан 14 күндүк эки жолку мониторинг өткөрүлдү да, бардык «КОЖОлордун» директорлору монитоинг командасынын мүчөсү катары ага катышышты. Мониторингдин жыйынтыктары студенттердин 80% өз шакирттик практикасын өтүп жаткан шериктеш чарбасында регулярдуу негизде иштегендигин көрсөттү. Тилекке каршы, бардык эле окуужайлардын машыктыруучулары студенттерге визит менен барып, колдоону камсыздап уюштуруп берүүгө чамасы келе албады. Мисалы, Каракол окуужайынын машыктыруучусу визиттер боюнча отчет тапшырган, бирок иш жүзүндө анын визиттери болуп өткөн эмес. Каракол «КОЖОсу» транспорт чыгымы катары алган акчасын кайра төлөтүп, ал машыктыруучу менен келишимди токтоткон.

**3-таблица:** Шакирттик практикага тартылган машыктыруучу фермерлер м-н студенттер саны

| № | КОЖдор | Машыктыруучу фермерлер | Студенттер | 31.12.08. чейин өткөрүлгөн тажрыйба алмашуу күндөрү (ТАК) | ТАКка катышкан фермерлердин саны |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Оттук | 7 | 27 | 14 | 12 |
| 2 | Кочкор | 56 | 56 | 20 | 31 |
| 3 | Акталаа | 14 | 15 | 15 | 15 |
| 4 | Атбашы | 33 | 50 | 12 | 18 |
| 5 | Куланак | 14 | 24 | 13 | 10 |
| 6 | Каракол | 5 | 16 | 6 | 5 |
| 7 | Бөкөнбаев | 6 | 15 | 7 | 10 |
| 8 | Ананьево | 4 | 20 | 11 | 4 |
| 9 | Беловодск | 7 | 11 | 10 | 14 |
| 10 | Жаңыжер | 4 | 18 | 7 | 8 |
| ***Жалпы саны*** | | ***150*** | ***252*** | ***115*** | ***127*** |

Өткөн жылдардагыдай эле, Проект студенттердин билим менен шыктарын баалоо боюнча эки жолу регионалдык тренинг - бирөөнү Ысыккөлдүн, экинчисин Чүйдүн КОЖдору үчүн - өткөрдү. Тренинг теория менен тажрыйбаны чагылдыруунун айкалышынан турду, себеби бардык окуужайлар баалоо боюнча кандайдыр бир тажрыйба топтошту. Алар үчүн жаңы тема модулдарга баа берүү болду, анткени үч окуужай модулдарды сунуштоону баштаашкан эле. Окуу сессияларына баа берүүнүн негизинде студенттердин 100% тең баалоодон өттү жана 1-циклдин модулдары боюнча баалоо үч окуужайда, ал эми 2-циклдин модулдары боюнча баалоо бир гана окуужайда өткөрүлдү. Анын себеби студенттердин аз санда келиши жана студенттердин арасында модулдарды таркатуунун начар жүргөндүгүн билдирет.

### 3.2.5. Курстун планын иштеп чыгуу

*ЖИПтин 2.5-күтүлүүчү натыйжасына тиешелүү:* ***Жаш фермерлер менен айылдык ишкерлер үчүн модулдаштырылган окуу курсу потенциалдык катышуучулардын жана жергиликтүү коомчулуктун муктаждыктарынын негизинде биргелешип окуу планды иштеп чыгуу (БОПИЧ) процессинин натыйжасында түзүлдү***

| Индикаторлор | Натыйжалар |
|---|---|
| Окутуу кызматтарын колдонуучулар тобу БОПИЧтин бардык кадамдарында ишке тартылды: | Бардык тиешелүү тараптар БОПИЧ процессине катышты, ишке жаңы тартылган КОЖдор менен бирге компетенция профили иштелип чыгылды. |
| Окуу пландар студенттер менен мугалимдердин муктаждыктарына жараша иштелип чыкты: | Мурдатан кызматташып жүргөн өнөктөш КОЖдор үчүн 1-семестрдик окуу пландар өзгөртүлүп түзүлдү, ал эми жаңы кызматташа баштаган КОЖдор үчүн 1-семестрдик окуу пландары иштелип чыгарылды жана мугалимдер окуудан өтүштү. |
| Студенттер окуу пландарынын практикага багытталгандыгын жактырып, канааттануусун билдиришти: | 2-семестрдин окуу пландары иштелип чыгарылды жана окуужайлар тарабынан аткарылууда; мониторингдин жыйынтыгы студенттердин канааттангандыгын көрсөттү. |
| Кыргыз КББ системасынын нормаларына ылайыкташтырылган модулдук система иштелип чыкты: | Студенттер, КОЖдор, фермерлер РИМБ жана донорлор менен чогу биргелешип иштөөнүн негизинде модулдук система кайрадан каралып чыкты. |
| КОЖдун бүтүрүүчүлөрү жана студенттери жаңыртылган модулдардын мазмунун жактырышты жана модулдардын комплектиси колдо бар: | Модулдардын мазмуну тиешелүү тараптар жана студенттердин катышуусу менен жаңыртылды. |
| Студенттер үчүн кредиттик мекемелердин эшиги ачык, кредитке жетүү мүмкүнчүлүгү бар: | Жаңы тартылган окуужайлар боюнча «Компаньон» менен келишимдер түзүлдү, 56 студентке 866000 сомдук кредиттер берилди. |
| Малчарбачылыгы боюнча СТМ модулдук системага киргизилди жана тренерлер менен камсыздалды: | Негизги партнер болгон ОКИБдин каржыланбай калышынан улам аталган иш аткарылган жок. |

Процесс

Өз иш-аракеттеринин Талас облусуна жайылышы менен бирге, Проект буга чейин иштешип келген башка окуужайлардыкына окшош эле окуу пландарды иштеп чыгуу процессин жүргүздү. Кызматташууга жаңы тартылган окуужайлар өздөрүнүн жумушчу топтору аркылуу мурдатан колдо бар компетенция профилдери менен таанышып, аларга карата сунуштарын берип, ылайыкташтырып чыгышты. Компетенция профилинин идеясы менен таанышкан соң жана окуу пландарын иштеп чыгуунун кийинки кадамдарын аткаргандан кийин, окуу пландарды иштеп чыгуу жана аларды өз муктаждыктарына ылайыкташтыруу боюнча окуу жайлар үчүн бир нече окуу сессиялары өткөрүлдү. Эки окуужайы тең кызыккандыктарын жана окуу планды иштеп чыгуу процессине жан дили менен берилгендигин көрсөттү жана анын акыркы версиядагы болжолдуу вариантын кыргыз тилинде түзүүгө салым кошушту. Окуу пландын акыркы версиясы окуужайлар аны сынактан өткөрүп жана аны колдонуу багытында бир аз тажрыйба топтоп алгандан кийин гана иштелип чыгарылмакчы. Жаңы тартылган

окуужайлардын бардык мугалимдери окуу планын колдонуу боюнча тааныштыруу окуусуна катышты. Окутуу процессине колдоо берүү үчүн кошумча жаңы окуу куралдары басылып чыгарылды. Чүйдүн батышында жайгашкан окуужайлар былтыркы жылы иштелип чыгырлган окуу пландарын колдонуп иштөө боюнча бир жылдык тажрыйба топтошту, аталган пландар жергиликтүү муктаждыктарга жооп берээрлик экендиги тастыкталды. Тажрыйбанын негизинде алар түзөтүүлөрдү жана өзгөртүүлөрдү сунушташты, натыйжада мурдатан колдонулуп келген окуу пландын жаңыртылган акыркы версиясын алышты. Проект тарабынан дагы бир биргелешкен аракеттери менен батыш Чүйдүн окуужайлары үчүн 2-семестр жана проект иштери боюнча окуу пландарды кайрадан карап чыгуу жана ылайыкташтыруу жүргүзүлдү. Негизинен бул ишти проектти аткарууга жооптуу катары дайындалган машыктыруучулар менен мугалимдер алып барышты, башка окуужайлардын кээ бир машыктыруучулары менен мугалимдери да аталган процесске катышып, өз салымдарын кошушту. Мазмуну менен сапаты тиешелүү тараптар аркылуу жактырылгандыктан, иш жүзүндө көп деле өзгөртүүлөр кригизилген жок.

Модулдук системасын ишке ашыруу багытындагы кыйынчылыктарга дуушарланган бир жыл убакыттан кийин, Проект өнөктөштөрү менен бирге топтолгон тажрыйбалар менен үйрөнүлгөн сабактарды чагылдырып чыкты. Бул мурдатан колдонулуп жүргөн колдо бар модулдук системаны жакшыртуу жана келерки этаптарда мамлекеттик партнерго өткөрүп бреүү көзкарашынан алып караганда маанилүү иш болду. Модулдук система да, колдонмо да жергиликтүү өнөктөштөр жана тиешелүү ээлик кылуучу мекемелер тарабынан өзүнүн жөнөкөйлүгү жана колдонулушунун жеңилдиги үчүн жогору бааланды. Аталган процесс учурунда ар кыл тематикадагы 24 модулдар иштелип чыгарылды жана окуужайлар тарабынан колдонулуп жатат. Проект тарабынан окутуу боюнча адис жана эки жергиликтүү консультант аркылуу көрсөтүлгөн зор колдоого карабастан, эки гана окуужайы (Кемин менен Ананьево) системанын эки циклин бүтүрө алышты, ал эми калган КОЖдор араң эле 1-циклди бүтүрүштү. Ага себеп болуп студенттердин санынын аздыгы жана модулдарды алардын арасында тааныштырып, жайылтуунун начардыгы саналат. КОЖдордун баарысы эле система кандай иштээрин жетишээрлик жолдо презентациялай, расписаниелерди ж.б. түзө алышкан жок. Ошого карабастан, модулдук системаны жана колдонмону кайра карап, жаңыртуу активдүү түрдү өттү, ал эми тажрыйба системаны жакшыртууга жардам берди. Батыш Чүйдүн окуужайлары мурдатан иштеп келе жаткан КОЖдор менен чогу модулду иштеп чыгуу процессине катышкандыктан, өз ишин аткарууну 2008-жылдын күзүнөн тартып башка окуужайларга салыштырганда азыраак кыйынчылыктарга ту келүү менен баштоосу мүмкүн болду. Кайра карап чыгуу иши күзүндө жергиликтүү партнерлор менен КББМА органдарынын кеңири катышуусу өткөрүлдү, ал жерде ар бир катышуучу өз ойлорун бөлүшүп, жакшыртуу жана жакшы жолдо колдонуу боюнча сунуштарын беришти. Акырында, КББ боюнча Мамлекеттик агенттиги колдонмону келечекте пайдалануу чечимин бекитти жана аны башкалардын колдонуусу үчүн сунуштаары боюнча убадасын берди. Проект үчүн кыйынчылык туудурган маселелердин бири модулдарды өткөрүү жана келечекте анын мазмунун жакшыртуу багытындагы мугалимдердин шыктарын өстүрүү бойдон калууда. Ошондуктан, Проект мугалимдердин квалификациясын жогорулатууну жана окуу курсун Талас облусундагы сыяктуу жолдо ишке киргизүү процессин оптималдаштырууну улантат.

Жергиликтүү «Компаньон» кредиттик компаниясы менен КОЖдордун ортосундагы мурдатан берки кызматташтык ийгиликтүү жолдогу жана ишенимдүү өнөктөштүк экендигин тастыктады. Бардыгы болуп, 56 студент 866000 сом (20000 АКШ долларына жакын) суммасындагы кредит менен камсыз болду. Ар бир тарап ойлорун ачык айтып, талкуулоосу жана жалпы тажрыйбаларды чагылдыруусу үчүн Проект окуу жайлар менен «Компаньондун» ортосунда эки жолку жалпы чогулушту өткөрдү. Талкуунун негизинде иш планы иштелип чыгылды, анда кызматташтыкты жакшы жолдо улантууну камсыз кылуудагы ар бир тараптын милдеттери баса көрсөтүлдү. Андан ары, «Компаньон» ар бир студентке максималдуу суммасы 20000 сомго барабар болгон бизнестик кредитти берүүнү жана билим берүү үчүн берилген кредиттин мөөнөтүн 16 айга чейин узартууну сунуштады. Азырынча төлөбөй койгондор боло же окуужайдын деңгээлинде олуттуу проблемалар чыга элек. Үзүрлүү кызматташтыкка байланыштуу «Компаньон» жалпы Макулдашуу меморандумун (ММ) узартууга жана Талас

облусундагы ишке жаңы тартылган окуужайларды да киргизүүгө макулдугун берди. «Компаньон» башка КОЖдордогудай эле эки түрдөгү кредиттерди бере баштайт: бизнестик кредиттер жана билим берүү үчүн берилчү кредиттер. «Компаньондун» өкүлдөрү Таластын окуужайларында презентацияларын өткөрүшүп, кредит алуунун жана берүүнү шарттарын түшүндүрүштү. Бири-бирин жакшыраак түшүнүшүүгө жана кызматташтыкты күчтөндүрүүгө көмөктөшө турган жакшы мүмкүндүк катары Проект мындай жолугушууларды уюштурууну жана аларга колдоо көрсөтүүнү улантмакчы.

Башында Проект Студенттердин талаа мектебин Ысыккөл жана Чүй облустарында Нарындагыдай жолдо КОЖдордун модулдук системасына чогу кошуп, иштеп чыгууну план-даган эле. Мындагы ой Тренерлерди окутуу багытында Швейцария тарабынан каржыланган Кеңеш берүү, окутуу борбору (КОБ - азыркы ОКИБ) менен кызматташуу болгон. Проект ОКИБге абдан катуу ишенген соң, ОКИБ аталган окууларды өткөрүүнү камсыз кылганга чейин проект тарабынан эч кандай даярдыктар көрүлгөн эмес. А бирок Дүйнөлүк банк аркылуу каржылоо кечиккендиктен улам, ОКИБ 2008-жылга пландалган иш-аракеттерин аткара албай калды. Аталган маселеге проект 2009-жылда кайрылып, ишин улантмакчы.

## 3.3. Лобирлөө (лоббирование)

*ЖИПтин 3-максатына тиешелүү:* ***Институционалдык жана системалык реформаны алдыга жылдыруу максатында, тандалып алынган негизги саясатка жана иш аткарууга тиешелүү маселелердин чегинде башка кызыккан тараптардын арасында талкуулар менен пикир алмашууларды уюштурууга көмөк көрсөтүлдү***

| Индикатор | |
|---|---|
| Тандалып алынган маселелер реформанын күн тартибинде чагылдырылды: | «Хельветас» АӨБ КББ проектисинин Жетектөөчү кеңешине мүчө жана АӨБнүн тендерине катышып, кыска тизмеге түштү. |

### 3.3.1. А-СТАРдын позициясын жана келечек көзкарашын сырткы тараптарга таанытуу

*ЖИПтин 3.1-күтүлүүчү натыйжасына тиешелүү:* ***А-СТАРдын позициясы жана КББ системасын өнүктүрүүнүн тандалган маселелерине карата келечек көзкарашы башка тиешелүү тараптардын арасында маалым***

| Индикаторлор | Натыйжалар |
|---|---|
| Донорлордун тармактык (сеть) байлынышы кеңейди: | Тегерек стол чогулушу башкы донорлордун арасында уламдан-улам активдүү ролду ойноодо. |
| Өкмөткө позицияны чагылдырган ишкагаз жөнөтүлдү: | Тегерек стол жумуш берүүчүлөр боюнча изилдөө жүргүздү, анын натыйжалары өкмөткө билдирилет. |
| «Хельветас» менен ГТЦнын ККБ боюнча иштери координацияланды: | А-СТАР ГТЦ каржылаган КР Соода жана өнөржай палатасы менен кызматташтыкта баалоо системасын 2009-жылы жакшыртат. |
| АӨБ проектинин алкагында А-СТАРдын көзкарашы жөнүндө билишет: | «Хельветас» АӨБ КББ проектисинин Жетектөөчү кеңешине мүчө жана АӨБнүн тендерине катышып, кыска тизмеге түштү. |
| КББдагы өзгөрүүлөр тууралуу маалымат коомчулукка белгилүү: | «Курак» басылмасынын регулярдуу чыгарылышы жана окуужайлардын макалаларынын жергиликтүү жана республикалык массалык маалымат каражаттарында басылышы; вебсайт. |
| Проекттин сырткы чөйрөсүнө мониторинг жүргүзүлдү: | Чогулуштар, жаңылыктар жана мыйзамдар аркылуу регулярдуу жолдо аткарылууда. |
| ЖК бардык иш-кагаздарды бекитти: | Январда бир гана жолу чогулуш өткөрүлдү. |

Процесс

Проект Кыргызстандын КББ системасында иш жүргүзүп жаткан донорлордун катышуусундагы тегерек столдору уюштуруп, алып барды. Катышуучулар Проекттин ролуна жогорку баа берип, аны кыймылдаткыч күч катары санашууда. Отчеттук мезгил ичинде маалыматты жаңыртуу, кызмат берүүчүлөр боюнча изилдөө жана кызмат берүүчүлөрдүн конференциясы ж.б.у.с. ар кыл темалар боюнча төрт тегерек стол чогулушу өткөрүлдү. Иш-аракеттердин көпчүлүгү негизинен кызмат берүүчүлөр боюнча изилдөө жана кызмат берүүчүлөрдүн конференциясына багытталды, кызмат берүүчүлөрдүн КББсистемасына карата көзкарашын жана күтүүлөрүн билүүгө арналды. Ар бир мүчө жалпыга бирдей болуп иштетилип чыккан үлгүнүн (шаблондун) негизинде маалыматтарды кайра талдап чыгуу боюнча тапшырма алган. Изилдөөнүн жыйынтыктары түшүндүрмөлөрдү камтыган жалпы отчетто чагылдырылган. Андан кийинки кадам кесиптик билим берүү тармагы боюнча өз көзкарашарын аныктоосун максат кылып коюп, кызмат берүүчүлөрдүн конференциясын уюштуруу жана ал жерде изилдөөнүн жыйынтыктарын презентациялоо болчу. Бирок башкы финансылык каржылоочу тараптын проблемасына жараша ЕС делегациясы семинарынын мөөнүтүн 2009-жылга жылдырып калтырды.

КР Соода жана өнөржай палатасынын көзкарандысыз сертификат берүү борборлоруна бир нече визиттер жасалды жана алардын өкүлдөрү менен жаңы партнерлукту түзүү боюнча чечим кабыл алууга багыттады. КР Соода жана өнөржай палатасы менен кызматташуу 2009-жылда учурдагы баалоо системасын толугу менен баалоо процессин ачык-айкын жана калыс жолдо өткөрүүнү камсыз кылуу үчүн көбүнесе кызматкерлерди изилдөөгө тартуу аркылуу кайра карап чыгууну бүтүрөт. Аталган иш КР Соода жана өнөржай палатасы ГТЦ каржылаган башка кесиптер боюнча дагы пилоттук сынактан өткөн. Ошол эле жергиликтүү партнерду тартуу аркылуу иштөө менен, А-СТАР өкмөттүк эмес уюмдун жаңы ролун күчтөндүрүүнү көздөйт.

«Хельветас» АӨБ КББ проектинин жетектөөчү кеңешине жылдын башында мүчө болуп кирди. Жыл ичинде жетектөөчү кеңеш эки жолу гана чогулду да, проектти баштоо, Проекттерди реализациялоо бөлүмүнө (ПРБ) жана КББМАга отчетторду тапшыруу жана алардын пландарына тиешелүү темаларды талкуулады. Проект 2008-жылдын февралында расмий түрдө башталгандыгына карабай, тендер процесси алигиче бүтө элек. Тендерге расмий жарыя бергенден кийин, «Хельветас» конкурска катышууга кайрылды жана алгачкы тандоо учурунда кыска тизмеге киргизилди. Тандоонун жыйынтыгы 2008-жылы эле белгилүү болушу күтүлгөн, бирок организациялык себептерден улам макулдашуулар 2009-жылдын жазына калтырылган.

2008-жылы Проект окуужайларга эки «КОЖО» газетасын чыгарууда колдоо көрсөттү да, www.kojo.kg вебсайтын иштетип жана жаңыртып турду. Ага кошумча, макалалардын сериясы жергиликтүү жана республикалык гезит беттерине жарыяланды жана коомчулукка тартуу-ланды. Бул максатта Проект да штаттан тышкаркы эки коомдук байланыш (ПиАР) адисин ко-омдук байланыш иштерин аткаруу үчүн жумушка тартты. Тилекке каршы, аталган адамдар башка жакшы жумуш таап жана үй-бүлөлүк себеп менен кайра кетип калышты. 2008-жылдын аягында «КОЖОлордун» жана Проекттин коомдук байланыш иштерин аткаруу үчүн Проект бир адисти туруктуу жумуш орду менен келишим аркылуу жумушка кабыл алды.

Проект регулярдуу түрдө өз чөйрөсүнө массалык маалымат каражаттары, мыйзамдагы өзгөрүүлөр жана ар кыл чогулуштар аркылуу байкоо жүргүзүп, кабардар болуп турат.

Отчеттук мезгил ичинде өзүнүн жумушунун абдан көп болгондугунан жана жарым жылдык отчеттуу түзүүдө мүмкүнчүлүктүн жоктугунун улам Проекттин Жетектөөчү кеңеши пландал-ган эки чогулуштун ордуна бир гана жолу чогулуш өткөрдү. Чогулуштун күнтартибине 2007-жыл боюнча отчет берүү жана 2008-жылдын пландарын жана башка маселелерди карап чы-гуу коюлган эле. Чогулушта ЖК отчеттор менен пландарды бекитти.

### 3.3.2. Жаңы окуу курсунун таанылышы

*ЖИПтин 3.2-күтүлүүчү натыйжасына тиешелүү:* ***Жаңы принципте иштеген негизги компоненттери (модулдук подход жана кожоюндук статус) тиешелүү бийлик органдары тарабынан таанылды.***

| Индикаторлор | Натыйжалар |
|---|---|
| РИМБ мандаттын 80% ийгиликтүү аткарды: | Мандаттар жок, Проект тиешелүү адамдар менен түздөн-түз иштөөнү артык көрөт. |
| Өнөктөштөр проекттин ишмердүүлүгү тууралуу регулярдуу түрдө маалымат алып турду: | Өнөктөштөр менен маалымат алмашуу Ар кандай семинарлар, жолугушуулар, чогулуштар ж.б.у.с. аркылуу өткөрүлдү. |
| КББ системасы проекттин инновацияларын өз ишине бириктирип, интеграциялады: | Процессти алга жылдырууга көмөктөшүү максатында атайын жумушчу тобу түзүлдү. |

Процесс

КББМА системасында жана анын кызматкерлеринин арасында жүргүзүлгөн структуралык өзгөрүүлөргө байланыштуу, Проект мандат системасын колдонбостон эле тиешелүү бөлүмдөр жана адамдар менен түздөн-түз иштөөнү чечти. Мындай мамилелер кызматташтыкты жана чечим кабыл алууга мүмкүнчүлүк түзүүнүн жеңилдетти. Азыркы күндү Проект талап кылынган учурда ар кыл тематика боюнча иштей турган жумушчу топтордун ишин жалгыз өзү гана каржылоочу уюм болуп саналат, ал эми КББМА жогорку деңгээли тарабынан олуттуу кыйынчылыктар түзүлө элек.

Проект республикалык жана партнерлук деңгээлдеги КББМАнын өкүлдөрүн жана башка тиешелүү тараптарды чогулуштарга чакырып жана Проекттин жаңылыктары боюнча жаңы малыматтарды берип турууну улантты. Байланышуу Проект өткөргөн ишчаралар, корреспонденция жана жеке жолугушуулар аркылуу жүргүзүлдү.

КББМАнын алкагында каржылануучу бюджеттик статьялар (айлык акылар, каникул мезгили үчүн төлөөлөр ж.б.) боюнча биргелешип каржылоону камсыздоодо лобирлөө ишин жүргүзүү максатында, Проект КББМА деңгээлинде атайын жумушчу топту түзүү демилгесин көтөрдү, ал жаңы окуу курсунун артыкчылыктарын тереңирээк талдап жана аны бекитүү боюнча сунуштарды иштеп чыгат. Жумушчу тобунун курамына Проекттин эки кызматкери кирген жана мамлекетке таанытуу процессине салымын кошот. Жумушчу топ өз ишин 2009-жылдын биринчи кварталында аяктап, иштин жыйынтыктарын чыгырат.

## 4. Тыянактар жана келечек көзкараш

Тыянактар

- ПроДокто каралгандай, 2008-жылдын аягына чейин А-СТАР «фермер» жана «фермер айым» кесиби боюнча билим берүү системасын толугу менен Нарын жана Баткен облустарынын КОЖдоруна жана КББМАга өткөрүп берди. II фазанын 2009-жылга узартылышы «Мисереор» проектингин алкагындагы аяктабай калган кай бир иштерди бүтүрүүгө жана Ысыккөл Чүй жана Талас облустарында иштей баштаган жаңы окуу курсу боюнча көбүрөөк тажрыйба топтоого мүмкүндүк түзөт.
- 2008-жылы Ысыккөл жана Чүй облустарынын төрт окуужайында «ишкер фермер» кесиптик курсунун алгачкы группасы окуусун бүтүрүп чыгышты. Чүй облусунун башка эки окуужайында студенттер 1-семестрди ийгиликтүү түрдө аякташып, шакирттик практикасын өткөрүштү жана кайрадан 3-семестр менен акыркы семестрден окуусун улантышты. Андан сырткары, Талас облусунда эки окуужайы үч жаңы группаны окута башташты. Студенттер-

дин саны азыркы күндө 200гө чамалаганына карабастан, бул баары бир төмөнкү деңгээл. Өнөктөштөр муну айылда жашаган элдин көңүлүн фермер болууга бурдуруп, тартуунун начардыгына байланыштырып жатышат. Бирок бул Кыргызстандагы калктын көпчүлүгү ишкерлик жумуш табуу мүмкүнчүлүктөрү өтө чектелген айыл жергесинде жашагандыгы жана өздүк кирешесин негизинен айылчарбачылык жүргүзүүдөн гана таба тургандыгы жөнүндөгү факт менен карама-каршы келген ой болуп жатат. Проект өз өнөктөштөрүн көбүрөөк студенттерди кызыктырып, окууга тартууга (чектелбеген өлчөмдөгү финансылык каражаттарды бөлүп камсыздоо аркылуу) шыктандырууну уланта бермекчи.

- Окуу пландарын кайрадан карап чыгуулар жана модулдук система боюнча интенсивдүү жолдо жүргүзүлгөн жумуш окутуп-үйрөтүүнүн сапатын жакшыртууга багытталды. 2008-жылы өнөктөш окуужайлардын мугалимдерине 130га жакынкы сандагы окуулар сунушталган. Андан сырткары, КОЖдорго класстык бөлмөлөр жана мастерскойлор үчүн чакан инвестициялык салымдарды алууга кайрылуу мүмкүнчүлүгү сунушталды.
- Мурда күтүлгөндөй эле, окутуунун жергиликтүү тарап аркылуу башкарылышы боюнча жаңы принцип ишке ийгиликтүү киргизилгенден кийин, «КОЖО» кесиптик окутуунун жергиликтүү фонддору ар кайсы региондо ар кандай жол менен өсүп-өнүктү. Ийгилик фактору кесиптик окуужайлары менен «КОЖОлордун» ортосундагы кызматташтыктын деңгээлине, аткаруучу директорлордун шык-жөндөмдөрү менен билимине жана Жетектөөчү кеңештердин ишке жетекчилик кылуусуна жана башкаруусуна байланыштуу болду. Экинчи жагынан, 2008-жылда анча ийгиликке жетише албаган «КОЖОлор» өз аракеттерин негизинен аткаруучу директорлордун тез-тез орун алмашуусу, лидерликтин жана жеке демилгенин жетишпегендиги, эсеп-кысаптын начар жүргүзүлгөндүгү жана каражаттарды колдонууда ачык-айкындуулуктун жоктугу боюнча көп кыйынчылыктарды чечүүгө жумшады. Жакшы уюштурулган ээлик кылуу деңгээлине жана финансылык каражаттарды табуу багытында тажрыйбага ээ болгон мурдатан бери иштеп келе жаткан ӨЭУлар менен кызматташуу деген жаңы подход «КОЖОну» жаңы уюм катары баштоодогу кыйынчылыктарды чечүүдөгү кызыктыраарлык альтернатива болоорун көрсөттү.
- Проект мурдатан бери иштеп келе жаткан ӨЭУлар менен кызматташуу аркылуу ээлик кылууга шыктандыруунун жолдорун тапкан сыяктанганы менен, «КОЖОнун» экинчи негизги функциясы болгон курсун операциондук чыгымдарын жабууну каржылоо боюнча акча каражаттарын табуу функциясы, мурда күтүлгөндөй эле, өнөктөштөрдөн биргелешип каржылоодо чыгымдардын 33% төлөө талап кылынганда, б.а. кызматташуунун үчүнчү жылында кыйынчылыкка туш келет. Кыйынчылык жамааттар, кызматкерлер жана ишкерлердин арасында жергиликтүү каржылоо каражаттарын чогултууда кездешет, себеби алар муну мамлекеттин милдети катары эсептеп, чогултулган каражаттардын туура колдонулушу боюнча шектенишет. Проект жергиликтүү фандрайзинг үчүн эларалык донорлорго кайрылууга проект сунуштарын жазуу жана өкмөт менен мамлекеттик бюджеттин эсебинен мугалимдердин айлык акылары сыяктуу финансылык чыгым статьялары багытында интенсивдүү макулдашууларды жүргүзүү боюнча шык-билим берүү аркылуу чектелген потенциалды камсыздап берүүгө аракет жасады.
- Проекттин экинчи фазасы үчүн тандалып алынган подход көбүнесе өзгөрүүлөргө даяр эмес болгон пассивдүү өнөктөштөрдүн ордуна активдүү жана конструктивдүү түрдө иштеген өнөктөштөрдү (окуужайлар жана «КОЖОлор») кызматташтыкка көбүрөөк тартуунун натыйжасында пайда табуу боюнча кызыктуу процесстерди көрсөтө баштады. Биринчиден, тандоо процессиндеги бир нече кадам өзгөртүүлөрдү киргизүүгө потенциалдык жактан даяр болгон гана окуужайлар Проекттин алкагында каралган өзгөрүү процессине киргизиле тургандыгы жөнүндө ынандырды. Ошентсе да, бул азырынча результаттарга жетишүүдө гарантия болуп эсептелбейт жана 2008-жылдын тажрыйбасы окуужайлар келечек кадамды шилтөө, Проект менен кызматташтыкты улантуу же улантпоо боюнча чечимдерди өздөрү кабыл алуусу мүмкүндүгүн көрсөттү. Ошентип, азыркы учурда төрт өнөктөш окуужай кыйла көп сандагы студенттерди окууга тартуу менен жакшы аракеттерди жумшап жана «КОЖО» аркылуу биргелешип каржылоо боюнча өзүнө тиешелүү деңгээлин камсыздап иштеп жатат. Бир окуужай болсо, азыркы күндө Проект жана

«КОЖО» менен туура жолдогу механизмдерди табууга аракеттенүүдө, ал эми калган экөөсү ички проблемалары жана уршуулардан улам, окуу курсуна жетиштүү сандагы студенттерди тарта албай калды. Акырында айта турган, бирок маанилүү сөз - бул бир окуужайы өзүнүн «КОЖОсу» менен окутуу жана биргелешип каржылоо боюнча жаңы принциптеги ишти мындан ары улантууну токтотуу чечимин кабыл алгандыгы.

- 2008-жылы КББШӨ боюнча донордук тегерек столдун статусун камсыздоо аракети улантылды. А-СТАР регулярдуу негиздеги жолугушууларды, тажрыйба алмашууларды уюштуруу багытында кыймылдаткыч күч катары иш алып баруунун уланткан менен, көпчүлүк КББШӨ алкагына тиешелүү (АӨБ, ЕС, ЕТФ, ГТЦ, БУУ, БАУ ж.б.у.с.) донорлор жана уюмдар активдүү катышуу, ээлик кылуунун жогорку деңгээлин көрсөтүү аркылуу аталган платформанын улантылышына кызыккандыгын билдиришүүдө. А-СТАР менен «Хельветастын» кесиптик шыктарга үйрөтүү секторундагы аткарып жаткан иштери кеңири белгилүү жана донордук коомчулуктун арасында кадыр-баркка ээ, ал учурда жүрүп жаткан АӨБ тендерине ийгиликтүү жолдо кайрылуунун натыйжасы аркылуу чагылдырылышы мүмкүн.

<u>Келечек көзкараштар</u>

А-СТАР командасы Проекттин II фазасынын кошумча бир жылга созулушу өнөктөштөрдүн деңгээлинде да, проекттин алкагында да азыркы учурдагы иштөө процесстерин жакшыртуу үчүн колдонуу керектиги жөнүндө чечим кабыл алды. Ошентип, А-СТАРдын III фазасына даярдык көрүү максатында, Проект акыркы үч жылдан берки тажрыйбасында биринчи жолу ишти географиялык (же таматикалык) деңгээлде жайылтууга эмес, учурда колдо бар инновацияларды оңдоп жөнгө салууга, окуу пландары менен модулдук системаны жакшыртууга, жаңы окуу курсунун жана принциптеринин (подходдорунун) КББШӨ системасынын ишине киргизилип, потенциалдык жолдо интеграцияланиуусун жакшыртууга, азыркы күндө кызматташып жаткан партнерлорду көбүрөөк ээлик кылуу укугун жана лидерликти колго алуусуна шыктандырууга, өздөрүнүн жеке демилгелерине колдоо көрсөтүү аркылуу өзара чыгармачыл атаандаштыкты камсыздоосу боюнча өнөктөштөрдү кызыктырууга жана акырында айтылганы менен маанилүү болуп саналган төмөнкү маселени, б.а. Проекттин

a) туура иштерди жүргүзүп жаткандыгын,
b) иштерди туура жолдо жүргүзүп жаткандыгын

…чагылдырууга кылдаттык менен көңүлүн бурат.

Натыйжада келечек көзкараш катары төмөнкү башкы маселелерди баса көргөзүү мүмкүн:

- «Ишкер фермер» кесиптик курсу андан ары оңдоолор киргизилет жана жөнгө салынат; айрыкча учурда колдо бар модулдарды Эларалык эмгек уюмунун (ILO) стандарттарына ылайык кайрадан түзүү аркылуу жакшыртылат. Ага кошумча, шакирттик практика системасы кайрадан каралып чыгып, Фермердик талаа мектептери (ФТМ) кошумча инновациялык элементтер катары окуу пландарына киргизилет.
- КББМАнын алкагында каржылануучу бюджеттик статьялар (айлык акылар, каникул мезгили үчүн төлөөлөр ж.б.) боюнча биргелешип каржылоону камсыздоо маселеси жөнүндө макулдашуулар жүргүзүлүүдө. Ошол эле учурда окуу курсунун расмий түрдө таанылышы үчүн курстун структурасы менен мөөнөтү кайра каралып чыгат.
- Проект жаңы (стандарттык эмес) подходдорду колдонуп, фандрайзинг иштерин күчтөндүрүүсү үчүн «КОЖОлорго» машыктыруучу көмөк көрсөтүүнү жана колдоону уланта берет. Ага кошумча, обзорлоо жана пландоо миссиясы өтүп жаткан мезгилде II фазада колдонулган биргелешип каржылоо принциптеринин ылайыктуулугун жана экономикалык туруктуулугун сын көзкараш менен анализдөө максатында, биргелешип каржылоо схемасына ылайык Проект тарабынан төлөнүүчү операциондук чыгымдардын катышын (33%) мындан ары кыскартпоо боюнча мораторий жарыялоо чечими кабыл алынды.
- Учурда иштеп жаткан «КОЖОлордун» алкагында ээлик (кожоюндук) кылуу компетенциясын келечекте жакшыртуу үчүн Проект өз функцияларын азыркы күндө иштеп

жана небактан бери туруктуу негизде иштеп жүргөн ӨЭУлар менен экономикалык туруктуулукту камсыз кылуу багытында ат салышып жаткан «КОЖОлорго» өткөрүп берүүнү көздөйт. Андан сырткары, Жетектөөчү кеңештердин ролу да интесивдүү окутуу жана машыктыруу программасы аркылуу күчтөндүрүлмөкчү.

- Окутууну ккамсыздоо тармагындагы кызмат көрсөтүүчүлөрдүн ортосундагы атаандаштыкты түзүү максатында, Проект өз тарыхында алгачкы жолу өкмөттүк эмес уюм болгон кызмат көрсөтүүчү менен кызматташууну баштамакчы. Кыска мөөнөттүк окуу курсун жана анын биргелешип каржылоо системасын ишке киргизүүдө көмөк көрсөтүү бир калыпта жана оңоюраак өтөт деп күтүлүүдө, себеби мында мамлекет тарабынан катуу талап кылынган шарттар колдонулбайт да, бийлик талашуу, контролдук жүргүзүү жана акчаны бөлүштүрүү боюнча уруштар кай бир мамлекеттик окуужайлардагыга караганда азыраак болор. Акыркы негизинен проекттин тарыхында (проект өнөктөштөрүн өзү тандоосунун ордуна) жергиликтүү партнер өз идеялары менен проектке кайрылып жаткандыгынан улам чечилди.
- Балким айыл жергесинде иш алып баруучу кыйла жаңыртылган КББШӨ компоненти катары принциптерин иштеп чыгуу жана иш аткаруусун пландоо максатында, планда каралган обзорлоо жана А-СТАРдын III фазасын пландоо азыркы учурдагы процесстерди, результаттарды жана баалуулуктарды кылдаттык менен карап чыкмакчы. Миссиялар коомчулуктун жана тиешелүү тараптардын арасында фермердик же айылдык ишкер кесиби боюнча муктаждык бардыгын кылдаттык менен талдап көрүшү зарыл. Ошондой эле учурда колдонулуп жаткан активдүү, бирок өзгөрүү процесси боюнча партнерлордун арасында биргелешкен демилгеге ээ болгон иш подходдорду өнөктөштөр тарабынан тиешелүү жана жакшы чагылдырылган БАМБ, компетенция профилдерин түзүү, окуу пландарын иштеп чыгуу, мугалимдерди окутуу, КОЖдорду башкарууну өнүктүрүү, биргелешип каржылоо жана ээлик кылуу ж.б. принциптери боюнча демилгелер жаатындагы Проекттин проактивдүү түрдө көмөктөшүү ролуна алмаштырууга Проект тарабынан иш аткаруу процесстерине суроо-талапка жараша техникалык эксперт жана финансылык каржылоо боюнча колдоо көрсөтүлүшү мүмкүн.

# 5. Библиография

Проекттин документтери


АКП, 2001, Кесиптик Билим Берүү Системасы, Нарын (кырг. жана англ. тилдеринде )
АКП, 2001, Курак, АКП регулярдуу эмес басылмасы. 3 саны, Нарын (кырг. тилинде)
АКП, 2001, 1-,2-,3-семестрдин окуу пландары (кырг. жана англ. тилдеринде)
АКП, 2001, ЖИП 2001 жана Бюджет 2001, Нарын (кырг. жана англ. тилдеринде)
АКП, 2001, ЖИП 2002 жана Бюджет 2002, Нарын, (кырг. жана англ. тилдеринде)
АКП, 2002, Жарым жылдык отчет жана жылдык отчет 2001, Нарын (кырг. жана англ. тилдеринде)
АКП, 2002, Жарым жылдык отчет жана жылдык отчет 2002, Нарын (кырг. жана англ. тилдеринде)
АКП, 2002, ЖИП 2003 жана Бюджет 2003, Нарын (кырг. жана англ. тилдеринде)
АКП, 2002, Окуучулардын проект иштери окуу планы, Нарын (кырг. жана англ. тилдеринде), биринчи басылышы
АКП, 2002, 1-семестрдин окуу планы, Нарын (кырг. жана англ. тилдеринде), экинчи бекитилип басылып чыгышы
АКП, 2002, 2-семестрдин окуу планы, Нарын (кырг. жана англ. тилдеринде), экинчи бекитилип басылып чыгышы
АКП, 2002, Шакирттик практика системасы, Нарын (кырг. жана англ. тилдеринде)
АКП, 2002, Окуу куралдардын сериялары, 2-семестр, 2- басылышы, 1 – 13- бөлүмү, Нарын (кыргыз тилинде)
АКП, 2002, Окуу куралдардын сериялары, 1-семестр, 2- басылышы, 1 – 20- бөлүмү, Бишкек (кыргыз тилинде)
АКП, 2002, Курак, АКП регулярдуу эмес басылмасы. 3 саны, Нарын (кырг. тилинде)
АКП, 2002, АКП I фаза, Пландоо платформасы, Нарын (кырг. ж-а англ. тилдеринде)
АКП, 2002, АКП жеке баалоо отчету (кырг. жана англ. тилдеринде)
АКП, 2002, I фаза, АКП пландоо документи, Нарын, Бишкек, Цюрих (кырг. жана англ. тилдеринде)
АКП, 2002, АКПнын Пландоо Документинен резюме, I фаза, Нарын, Бишкек, Цюрих (англис жана орус тилдеринде)
АКП, 2003, Кесиптик профилдери, Нарын (кыргыз жана англис тилдеринде), үчүнчү толукталып басылышы
АКП, 2003, Үчүнчү семестрдин окуу пландары, Нарын (кыргыз жана англис), экинчи толукталган басылышы
АКП, 2003, Нарын. «Фермер» жана «Фермер айым» кесибине окуп жаткан окуучулар үчүн Окуу Куралдары (Үчүнчү семестр үчүн, экинчи басылышы 16 түрдүү предметтен турат, кыргыз тилинде)
АКП, 2003, 6-семесрдин окуу планы, Нарын (Кыргыз, Англис)
АКП, 2003, Курак, АКП басылмасы. 5 басылма, Нарын (Кыргыз)
АКП, 2003, Жарым жылдык отчет 2004 жана Жылдык отчет 2003, Нарын (Кыргыз жана Англис)
АКП, 2003, Жылдык Иш План 2004 жана Бюджет 2004, Нарын (Кыргыз жана Англис)
АКП, 2004, Жарым жылдык отчет 2004 жана Жылдык отчет 2004, Нарын (Кырг. ж-а Англ.)
АКП, 2004, Курак, АКП басылмасы. 4 басылма, Нарын
АКП, 2005, АКПнын Пландоо Документти фаза II (2006-2008) (Кыргыз жана Англис)
АКП, 2005, Жарым жылдык отчет 2005 жана Жылдык отчет 2005, Нарын (Кырг. ж-а Англ.)
АКП, 2005, «Мисереор» Жарым жылдык отчет 2005 ж-а Жылдык отчет 2005, Нарын (Кыргыз жана Англис)
АКП, 2005, Жылдык Иш План 2005 жана Бюджет 2005, Нарын (Кыргыз жана Англис)
АКП, 2005, АКПнын Пландоо Документти фаза II (Кыргыз жана Англис)
АКП, 2005, Курак, АКП басылмасы. 5 басылма, Нарын
АКП, 2006, ЖИП 2006 жана Бюджет 2006, Нарын (кырг. жана англ. тилдеринде)
АКП, 2006, Кесиптик билим Берүү Системасы, Ысыккөл жана Чүй (кырг. ж-а англ.)

**АКП**, 2006, Кесиптик профилдери, Ысыккөл жана Чүй (кырг. жана англ. тилдеринде)
**АКП**, 2006, 1-семестр, окуу планы ЫК жана Чүй облусу үчүн (кыргыз тилинде)
**АКП**, 2006, Курак, АКП басылмасы. 4 басылма,
**АКП**, 2007, Компетенция профили, Ысыккөл ж-а Чүй обл. (орус тилинде)
**АКП**, 2007, Кесиптик билим берүү системасы, Ысыккөл ж-а Чүй обл. (орус тилинде)
**АКП**, 2007, Шакирттик практика системасы, Ысыккөл ж-а Чүй обл.
**АКП**, 2007, Модулдук система, Ысыккөл ж-а Чүй обл)
**АКП**, 2007, 6-семестрдин окуу планы, Караван (кыргыз тилинде)
**АКП** 2007, 1-семестрдин окуу планы, Ысыккөл ж-а Чүй обл. (орус тилинде)
**АКП**, 2007, 1-семестрдин окуу планы, Ысыккөл ж-а Чүй обл. (кыргыз тилинде), экинчи, оңдолуп басылышы
**АКП**, 2007, 2008-жылдык иш планы ж-а 2008-ж.бюджет, (кыргыз, англис тилдеринде)
**АКП**, 2007, 2006-жылдык отчет, (кыргыз, англис тилдеринде)
**АКП**, 2007, «Курак», АКП басылмасы. 2 басылма, (кыргыз тилинде)
**АКП**, 2008, Кесиптик профилдери, Талас (кырг. тилинде)
**АКП**, 2008, Кесиптик билим берүү системасы, Талас обл. (кыргыз тилинде)
**АКП**, 2008, 1-семестр, окуу планы Талас облусу үчүн (кыргыз тилинде)
**АКП**, 2008, Жылдык Иш План 2009 жана Бюджет 2009, Нарын (кыргыз, орус жана англис)
**АКП**, 2008, «КОЖО», СТАР регулярдуу эмес басылмасы. 2 басылма, (кырг. ж-а орус)
**АКП**, 2009, 2008-жылдык отчет, (кыргыз, англис тилдеринде)

**Дитрих П.**, 2004 Миссиянын отчету, 19 Май – 14 Июнь 2004
**Донордук тегерк стол, 2007.** Кыргызстандын Кесиптик билим берүү системасына карата донордук келечек
**Хельветас**, 2000, Бишкек. Ишкер фермер жана айым, Айыл Чарба Кесипчилик Билим Берүү Проектиси, Проект документациясы, (Англис жана Кыргыз тилдеринде)
**Хельветас**, 2000, Шык Оңдоо, Пландаштыруу Платформасы Иш Документи, Цюрих (Орус жана Анлис тилдеринде)
**Холланд Дж.П.**, 2006 Бүтүрүүчүлөрдү изилдөө анализи, Кочкор-Оттук жана Жумгал-Акталаа (англис жана кыргыз тилдеринде)
**Жаагер М.**, 2005 АКПны кайра карап чыгуу жана Элестетүү (англис тилинде)
**Мессерли ж.б.**, 2006 Кыргызстандагы айым фермерлер үчүн кесиптик билим берүү: Инновациялык программасы, анализ. JVET атайын басылышында, 58-4: Гендер маселеси. Аялдардын окууга жана иштөөгө перспективасы (анг. тилинде)
**Тейлор П.**, 2004 Кенешчилик отчет, 14-25 Июнь, 2004 көзкараш (англис жана орус тилде ринде)
**Виллен Б.**, 2005 2004-жылдагы алгачкы бүтүрүүчүлөрдү изилдөө окуусу, Кочкор жана Оттук, Май 2005 (Англис жана Кыргыз тилдеринде)
**Виллен Б.**, 2006 Кесиптик билим берүүдөгү биргелешип окуу планды иштеп чыгуу: Кыргызстан, Айылдык Кесиптик билим берүү Проектисинин кейс стадиси, Дипломдук иш; Эл аралык айылчарба департаменти, Цолликофен (агн. тилинде)
**Виллен Б.**, 2006 Биргелешип Айыл Муктаждыктарын Баалоо, Ысыккөл жана Чүй обл., январь (Англис жана Кыргыз тилдеринде)

Жергиликтүү газеталарга жарыяланган ар кандай публикациялар жана жарыялар (кыргыз орус жана немец тилдеринде)

Проект үчүн маанилүү адабияттар:

**Блум А. - Blum, A.** 1996, Teaching and learning in agriculture, FAO, Rome *(Айыл чарбасындагы Үйрөтүү жана Окутуу, Англис тилинде*)

**Rogers, A. and Taylor, P., - А. Роджер жана П. Тейлор,** 1998, Participatory Curriculum Development, a training guide, FAO, Rome (Eng)

**Rufer, M.**, **- М.Руфер.**2000, Rural Transition and Agricultural Vocational Education in Kyrgyzstan, University of Zurich (English) *(Элет жергесиндеги өткөөл мезгили жана Кыргызстандагы Айыл Чарба Кесипчилик Билим Берүүсү, Цюрих (Англис тилинде))*

**Schweizerischer Landwirtschaftlicher Verein**, 2001, Lehrplan fuer die Berufslehre des LandwirtsҢder Landwirtin, LMZ CH-Zollikofen (German and French)

**Taylor, P., - П. Тейлор**, 1999, The Agriculture Science Teachers' Handbook, VSO London (English) *(Мугалимдердин Айыл чарба илими тууралу китепчеси, VSO Лондон (Англис))*

**Taylor, P.**, **- П. Тейлор** 2001, 10 key stages towards effective participatory curriculum development, Experience and Learning in International Co-operation, Helvetas Publications, No.2 (English) *(БОПИЧтин эффективдүүлүгүнө багытталган негизги 10 кадам, Эл аралык кызматташуудагы тажрыйба алмашуу жана үйрөнүү, Хельветас басылмасы, №2 (Англис тилинде))*

**Kroehnert, G.**, **- Кроехнерт, Г.** 1993 100 Training Games *(Окуулар үчүн 100 оюн)*

**Kroehnert, G.**, **- Кроехнерт, Г.** 2002 101 More Training Games *(101ден ашык тренинг оюндары)*